С кырг
К 21

# ЖАКШЫ СӨЗДҮ СУУРУП АЛАМ ЖҮРӨКТӨН



Бурулкан
КАРАГУЛОВА

об.
Скырг
К 21

Бурулкан КАРАГУЛОВА
(БУ КАРА)

# ЖАКШЫ СӨЗДҮ СУУРУП АЛАМ ЖҮРӨКТӨН

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 487209

Бишкек – 2024

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

УДК 821.512.154-1
ББК 84 (5Кир)-5
К 21

К 21 **Карагулова Б. (Бу Кара)**
**Жакшы сөздү сууруп алам жүрөктөн.**
*Ырлар.* – Б.: «Чеч-Дөбө», 2024. – 180 б.

ISBN 978-9967-9236-8-3

Тар дүйнөгө сыйбаган, рамкага батпаган автордун бул чакан жыйнагына ар кандай темадагы жазылган 13 бөлүктөн турган жаңы ырлары кирди.

УДК 821.512.154-1
ББК 84 (5Кир)-5

ISBN 978-9967-9236-8-3

© Карагулова Б., 2024

***“Китеп жаздым***
***талкаланып,***
***сынып калган***
***жүрөк менен”.***
*Бу Кара.*



# ЧАҢДАШКАН ЫР БАРАК

* * *

Баштаган тилек бир болсун,
Батаны мыктап бергиле!
Жанардай отум өчүрбөй,
Жакшы сөз ала келгиле!

Начарын көрсөң тепкиле,
Жакшыле болсун деп тиле.
Китепти окуп силер да,
Жакшы ой менен кеткиле.

* * *

Ойлорумду эркин жайып өрүшкө,
Сөз данегин көкүрөккө түнөткөм.
Чагылгандай чарт жарылып чачырап,
Жакшы сөздү сууруп алам жүрөктөн.

Ойдун түбүн табалбадым, тырмыштым,
Сүзүп келдим жээгинде турмуштун.
Топту буздум, тоого чыктым, жармаштым,
Канатынан кармаймын деп алп куштун.

Кучтүү чыкты ичимдеги эркиндик,
Сөз – куралым, демди кошот демиме.
Бул ордумдан эгер таппай калсаңар,
Жакшы сөздү издеп кетти дегиле!



* * *

О турмуш, сүйөм, сүйбөйм, нени жазам,
Эки оттун ортосунда илкип басам.
Бакчамда атыр гүлдөр жайнап чыкты,
Чаңдашкан барагымды силкип салсам.

Токтотуп салайынбы көңүл ишин,
Кыйын го көкүрөктү көндүрүшүм.
Оодарат жан дүйнөмдү, эңшерет да,
Жүрөгүм – ыр өндүргөн өндүрүшүм.

* * *

Ыр жаралат калемсаптын учунан,
Тып-тып тамып ак кагаздын бетине.
Бир сүйлөмдөн курап-улап отуруп,
«БУ КАРА» деп кол коюлат четине.

Сөз сыйгалак, тайгалансам карашат,
Бир катаман бир «имарат» курушат.
Сөөмөй кезеп өчү бардай кээ бирөө,
Сөлпөңдөтүп колун сайып турушат.

Кандай дейин, өкүнөм да арга жок,
Какшап жазып жатканымдан пайда жок.
Ар нерсени жактырбаган каргалар,
Ааламда жок, же жерде жок, сайда жок.

## АЙ ЧЫРАК

Куштар болот – дарак менен тең учкан,
Андан бийик учалбаган, коркушкан.
Жөн эле бир сайрай берип тажатат,
Жерге консо арткан тарпты чокушкан.

Куштар болот – мейкиндикти ээлеген,
Аны көрсө күүгө келет теребел.
Алгыр болот, тик сайылып, олжосун,
Илип кеткен, калдыктарды жебеген.

Акын болот – түшүнбөйсүң жазганын,
Эмнени эле байсап айтып жатканын.
Жолбун ойдун кирип кетип ичине,
Ыр экен деп жаза берет тапканын.

Акын болот – кол чаптырган шатырап,
Туйлаттырат түндө күйгөн ай чырак.
Байкатпастан ырларынын ичине,
Миң жылдарга атын жазып калтырат.



* * *

Тракторду окуганмын ПТУда,
Тракторчу болбой калгам, бирок да.
Сот болом деп жулунсам да канчалык,
Кулай бергем экзамен убакта.

“Миң сом берсең, өткөрөм” деп айтышкан,
Анда бир жыл бекер иштеш керек да.
Ошончо жыл мени багат ким анда,
Жетим өсүп, жарды бүлө элек да.

Журналистке тапшыр деди бир аке,
Оозум ачтым, журналистке... менби э?
Жазып салып сочинение ыр менен,
Кудай жалгап, өтүп кеттим экзаменде.

Журналисмин деп сыймыктанам кээде эле,
Акынмын деп айтпайм деле эч жерде.
Эгер акын болбой калса, ойлоп көрсөң,
Б.Карагулова КМУга өтмөк беле?

Акын болдум, бирок пайда таппадым,
Биртке акчамы китептерге чаптадым.
Пайдасы жок экенине карабай,
Бир түндө бир – ыр жазмайын жатпадым.
Өжөр экем, көк экемин –
Ырсыз бир түн жатпадым.

* * *

Бир элдин акынымын,
Бир эрдин катынымын.
Жаадырган сөз гүлдөрүн,
Жүрөккө жакынымын.

Айлымдын атуулумун,
Ала-Тоо атырымын.
Алпештеп турган элдин,
Ардактуу акынымын.

## УУРУЛАР

Уурдасаң уурда өзүмдү,
Карагат эки көзүмдү.
Алтындап тизген сөзүмдү,
Нике шакек эскирип,
Жешилип калган колумда.
Түгөйүмдү сууруйм деп,
Туталап, туйлабагыла!

Үйүмдү уурда, уурдасаң,
Алтын да жок, акча жок.
Убара тартып уурулар,
Жөн эле кыйналбагыла!

Баарын уурда, а бирок,
Ырымды уурдабагыла!



Күнгө бышып аптаптуу,
Кургасын деп кулпуруп,
Жайып ийгем чокуга!
Ырымды уурдабагыла!

* * *

Алыкулду, Хаямды окуганда,
Дем алганды унутуп калат элем.
Акыл таппай, аскага көп камалып,
Өмүр сүрдүм аялуу жарат менен.

Экөөңөрдөй даанышман жолукпаган,
Адилеттүү сөз чыкпай калыстардан.
Айыгышкан күч алып талаш-тартыш,
Шамал болуп отумду жагышпаган.
Качан болсо өчүрүп келатышат,
Алар менен арыкта агышпагам.
Чоң дайрага боюмду таштап салып,
Күркүрөгөн ачуулуу добуштаймын.

* * *

Эркин куш болуп уча алса,
Жайлуураак уя салганы.
Алганы жөлөп турганда,
Акындын барбы арманы?

Ыр окуп ийсе тапа-там,
Ысыта чаап алакан –
жайдары коштоп эл турса,
Акында барбы бир арман?

* * *

Бир акынды көрдүм көчөдө,
Башын жерге салып баратат.
Көңүл буруп элди карабайт,
Ай ким билсин, азыр ушу акын,
Бир шедевр ырды жаратат.
Акын жигит оюн салмактап,
Башын жерден албай баратат.

* * *

Ыр-Столун ээлеп алып,
Олтуруш оңой дечи.
А бирок, баштагы мээ,
Акындыкка жооп береби?
Жооп бербесе бошоткун да,
Ыр столун ээлебей жөн элечи?



Жаштардын ырын бууп,
Сын айтып келжийбечи.
Жаза албасаң ким күнөөлүү,
Тагдырыңа кейий берчи!?

* * *

Эл акындар жаш акындардын,
Кечесине келип катышты.
Чалакайым жазган чампалап,
Китептерин сатып жатышты.

Ыйлап-ыйлап ийгиң келет оо,
Ыр окубай эле азаңдайт.
Жаш калемди сынап отурат,
А өздөрү андай жазалбайт.

О.Султанов агай айтты эле,
Баланчанын ыры сандырак.
Кокус берип калса китебин,
Тытып-тытып отко салгын бат.

Сахнага чыгат жүгүрүп,
Чачыратып ооздон түкүрүк.
Баланчанын ошол китебин,
Көбү карап өтөт түкүрүп.

* * *

Төбөң сенин бийикте,
Шапкем кулайт тиктесем.
Элдик наамын алыпсың,
Аны бирок күтпөгөм.

Кээ бирөөдөн сурасам,
Коюшту го тааныбай.
Наамды кантип алгансың,
Пулуң көппү алгыдай?

Жазда иштеп, күзүндө,
Төккүлө да түшүмдү.
Наам алгандар дырдыят,
Таанып койсо үч киши.

Мурдуң кеткен асманга,
Бутуң турат жерде эле.
Жакшы жазсаң билишет,
Наамсыз деле жөн эле.



* * *

Кээде күн жылбай коёт
Туруп алат.
Кээде күн кой десе да
Учуп алат.
Кээде акын кармай албай ыр саптарын
Жутуп алат.
Кээде акын ырдын кушун
Тутуп алат.
Кээде акын жарыштарда
Утуп алат.

## ОЙ, АКЫН!

Курттар келип түнөшсө,
Чымын дагы жүдөтсө.
Бал экениң биле бер,
Ар жериңен бир өпсө.

Бал экениң биле бер,
Баскан жолуң тоорушса.
Ырдай таттуу балыңды,
Ызылдашып сорушса.

Сындап жаткан бир опкок,
Ардан жок да, беттен жок.
Акындардын баары эле,
Акын болуп кеткен жок.

Таң ашырып жүрчүбүз,
Түгөнбөсүн күлкүбүз.
Байлык берген ченебей,
Китеп – биздин мүлкүбүз!

Өзүң бороон чапкынсың,
Желпилдебе, ой акын.
Күлкүбүздү бекитпей,
Кел ырдайбыз, бол акын!

* * *

Дейди ойлорду чыгып кет десем,
Мээмди тепсеп тебелебестен.
Ырымдагы коргон күп этип,
Анда кулап кетишет экен.
Жолбун саптар өзү тизилип,
Коргон болуп беришет экен.
Ширелишкен ойлор чаржайыт,
Уйгу-туйгу сезим уйпалап.
Мээни көздөй тебишет экен.



* * *

Эгерде эркек мен болсом,
Бир тепсем темир үзмөкмүн.
Бир кетсем тоону сүзмөкмүн,
Кыялап бөжүрөбөстөн,
Аскадан ыргып түшмөкмүн.

Жулкунуп алга жиредим,
Толкундуу жерге кептелип.
Тоң моюндарга тепселип.
“Аял да болсо алдырбас,
Жалы бар көк бет акын” деп,
Жүрсөңөр болду эскерип.

* * *

Ышкырыкты угуп чуркап кетчү элем,
Терезени жээгинде күтчү элең.
Сонункараак болуп ыр-күү кечебиз,
Кечиккенде айнекти ачып кирчү элем.
Даяр турган чыбыгыңды көтөрүп,
Ай апам ай,
Элик бутка чыпылдатып ийчи элең.

Ырдап бүтпөй калган гитар муңканып...
Афганистанга кызмат өтөп кетишкен,
Окко учушкан балдар азыр тирүү жок.
Сенин жүзүң эске салчу, апаке,
Терезе да талкаланып бири жок.

* * *

Окугандар мени менен,
Эрге эрте качышты.
Неберени улап-чубап,
Бир шаар болуп калышты.

Эрге тийүү үлүшүнөн,
Бир азыраак кечиктим.
Жалгыз жүрдүм көпкө чейин,
Жоктугунан шериктин.

Түгөй болчу түгөнгүрлөр,
Афганистанга кетишкен.
Өздөрү эмес, "Груз-200" деп,
Сөөктөрү келишкен.

Андан кийин бир жигитим,
Тоодон учуп кулаган.
Бу машине кырсыгынан,
Далай эрлер сулаган.

...Кумайыктай жалгыз уул,
Төрөдүм да, өстүрдүм.
Өркүндөсүн, өсө берсин,
Өжөрлүгүм, көктүгүм.



* * *

Бирөө мени сүйгөн болчу сулуу деп,
Бирөө мени сүйбөй койгон куник деп.
Сулуу деген алып алды жар кылып,
Куник деген жүрөт азыр жанчылып.
Алган эрим акындыгың жакпайт деп,
Таштап салды алаканын шак уруп.
"Менин эмес көрүнгөндүн катыны,
Экенсиң" деп тикиреңдейт, жан чыгып.
Окурмандар колун чаап, каткырып,
Өөп кетсе жүрөгүнөн кан чыгып.
Мен аркылуу эстеп эле койбосо,
Аны эч ким эсине албайт аптыгып.

Атагым ай, армандуу да, кайгы да,
Күйгүзсө быш, күлдөй болуп булганба.
Кирпич кылып куйкалашып салса да,
Көп кабаттуу жарайм бир үй курганга.

* * *

Көлмүн деп мактангандар,
Көлдүн да булагы бар,
Толтуруп куя турган,
Кошулган кошулмалар,
Агылган суулары бар.

Көл болуп жеткичекти,
Булактай куюлгула.

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ



Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 487209

Андан соң көлгө кирип,
Толкунга жуурулгула.
Толкуган үнүң менен,
Топ жарып угулгула!

* * *

Бийик тоого жетиш үчүн,
Тепсеп өтүп адырларды,
Көп аракет кылганмын.
Майда ташты ыргытканмын,
Тикендерди жулганмын.
Урчук тилип таманымды,
Бийигинен тайып кетип,
Ылдый сулап,
Өйдө кулап
Жыгылсам да турганмын.

Кум куюлуп алдымдагы,
Майда таштар кулады.
Кургак чөптөр тепселенип,
Томпок дөңдөр урады.

Чөөлөр менен алышканмын,
Шамал менен жарышкам.
Түлкү жортуп азгырганда,
Чер токойдо калышкам.
Кең суу бойлоп өтөм десем,
Үйөр жүрүп агызган.



Бийик тоого жетиш үчүн,
Албан сууну аттап өтүп,
Тикендерди жулганмын да,
Көп аракет кылганмын.
Кайра-кайра томолонуп,
Жыгылсам да турганмын.

## АКЫН КЕЛЕТ...

*(1-август, туулган күнгө)*

Акын келет, колунда кызыл күрмө,
Бууракандап ыр жазат ушул түндө.
Жолбун шамал ышкырып терезесин,
Бутак менен черткилейт күңгүрөнө:
«Ыр жаз акын, кылычтай жалаңдаган,
Эрке кыздай чачтары таралбаган.
Жол бошотуп өзү эле чыга берет,
Каскактарың артыңдан жамандаган».

... Акын келет колунда кызыл күрмө,
Сезим отун гүлдөтүп жүрөгүнө.
Кереги жок сөздөрдү жабыратпай,
Нөшөрлөгөн ыр жазат ушул түндө.

* * *

Мен киммин, кайдан келдим,
кайсы жерден,
Кимдигим алигиче тактала элек.
Жибекпи, парчабы же атлес ырбы,
Ысыкта күнгө жайып профессионалкактала элек.
Булактан күлүп чыгып, дарыяга,
Жол салып берсе дагы, жаттала элек.
Мактанып, даңктап жүрөм кыргызым деп,
Бирок эл – мени менен мактана элек.
Жан дүйнө кыйналганын терең катып,
Бактылуу акын болуп даңктала элек!
Кимдигим алигиче тактала элек!?

* * *

«Жүр агабыз, шар суу арыкта,
Атың калат чогуу тарыхта!»
Жок. Жок. Жок...
Аккым келбейт бирге чогулуп,
Силер аккан киргилт арыкта.
Аксам эгер – агам дайрадан,
Жашай бербейм улам кайрадан.
Ооба, кайдан?...
Бир жолу эле келген өмүрдө,
Агуум керек улуу дайрадан!



* * *

Мен сенден кечип кеткем, тылкыйбачы,
Камырдай ачыбаган былтыйбачы.
Чуу куйду ушак менен көөнү жаап,
Чуурутуп шилекейиң, шылкыйбачы.

Аш жетпес ач күсөндөй ыркыйбачы,
Төөнүн жарты этиндей тыркыйбачы.
Этегимди кескилеп үзө качып,
Көрүнгөн жерден чыгып кылтыйбачы.

Мен сени бучкагыма теңебеймин,
Тараткан күдүк сөзүң кенебеймин.
Түрү суук сени менен алышкыча,
Ааламга алты ырымды себелеймин.

* * *

Нотаны билбей сызганды,
Ыр менен кошо жазамын.
Обону калат ичинде,
Жашыруун сапка катамын.

Нотаны жутса төрт сабы,
Көрүнбөй турат өрт жагы.
Эгерде ырдай алсам мен,
Дем албай турмак көл дагы.

Соолугум менен алышкан,
Ноокаттан доктур табышкан.

Ангина дешип тамактын,
Миндалин кесип салышкан.

* * *

Жалындасам суу чачты,
Оргуштасам басышты.
Чыккын десем эрөөлгө,
Чычалашты, качышты.

Басмырлашты сырымды,
Басынтышты ырымды.
Калкаласам калбастап,
Кеп кылышты чырымды.

Өлсө дагы айтышпайт:
"Акындын деп – ирдүүсү".
А өздөрүн карасаң,
Жиндинин да жиндиси.

* * *

Айтылбаган сыр толтура көздөрүң,
Сүрдөгөндөн жаным жаман кыйналдым.
Сүйөмүн деп ачык-айкын айталбай,
Чөйчөгүнө батпай толкуп сырларым,
Жүрөгүмдүн жалындаган өртүнөн,
Мелт-кат этип төгүлүүдө ырларым.



Толкун болуп толкуп турса жүрөгүм,
Сүйүү жашап жатат анда ичинде.
Эмине деп сүйлөгөнүн угасың,
Колуң койсоң жүрөгүмдүн үстүнө.

* * *

Кызыгып түркүн-түстүү жалтырактын,
Күн жутуп, түспөлүмүн жалбырактын.
Күрөшүп көйгөй менен жүрө берип,
Кыйраткан бир ыр жазып
калтырбапмын...?

Сынды да, чырды дагы аркаладым,
Көп ыйлап, ырларымды калкаладым.
«Уялбай ачык жазат» – деген сөздү,
Сыянын күчү менен талкаладым!

Өткөөлдүн татаалынан өтүп келдим,
Өч дешти, анда-мында өчүп келдим.
Бут таштап, күргүштөгөн
буркан-шаркан,
Жээгине ПОЭЗИЯнын көчүп келдим!

* * *

Сыртымдан көргөндөр айтат мени:
"Орто бойлуу ач арбак, кара тору.
Чачы кыска, андан кыска акыл ою,
Безилдеп сүйлөп жүрөт ойду-тоону".

Ушинтип тон бычкандар мени көрсө,
Жалпактап жетип келип кучакташат.
Өптүрүп бетин тосот,
Фу, кандай сасык,
Сук артып ичтеринен суктанышат.

Алдымда мактай берип өлтүрүшөт,
Артымдан үрпөңдөшүп ушакташат.
Кырылгыр, кызаңдаган кысталактар,
Кылтыйып кең далымдан бычакташат.

Көрпенде, кемчилигим көрүшкөндөр,
Көрүшпөйт ичимдеги деңизимди:
Толкуган, ташкындаган сезимимди,
Жароокер элжиреген эзилүүмдү.
Жан дүйнөм арык эмес, семизимди.

Көрүшпөйт кара күчкө, айланамды,
Лирадан атыр чачып алганымды,
Үстүнөн күндөй күлүп жанганымды.
Билемин, мени көрсө ичтери өтүп,
Аларга арман, азап салганымды.



* * *

Туталанып ачык жайкын күнүндө,
Куйкаланып махабатка күйүүгө.
Туйлап түшүп тузагына акындар,
Туткун болуп калыптырбыз сүйүүгө.

Көктөгү айга теңеп анын серт өңүн,
Көктөмүм деп дан угутту көбүртүп.
Багынтам деп, багынталбай, багынып,
Камалыппыз түрмөсүнө сүйүү өрттүн.

Ташка тийип бычыраган күзгүдөй,
Ыр жаздырган түнүң деле кайырсыз.
Арзуу ырын жазган менен акындар,
Махабатта биз өтө эле алсызбыз.

* * *

Жазында кирген суудай дүрүлдөдүм,
Агыздым дөңгөчтөрдү дайра болуп.
Күзүндө күргүчтөдүм ташты агызып,
Бороонду калтыраттым, айга конуп.

Сапырдым өмүр гүлүн ай талаага,
Чын өмүр келелектей али мага.
Ойлодум, жашоо баштайм агып бүтүп,
Ар күнү ага бердим албууттана.

Жай качан келип кетти сезбей калдым,
Кыш деле келбейт окшойт мен тарапка.
Күркүрөп кирген суумун, качан болсо,
Ыракмат мени ушинткен – жаратканга!

* * *

Жалбырак эй, жалбырак,
Жатасыңбы жалдырап.
Көктө асылып турганда,
Көркөм элең жандуураак.

Көлөкөңдө отурдук,
Көркөм ырды токудук.
Жаңы жазган ырым деп,
Сага угузуп окудук.

Жашыл элең жалбырак,
Келип калсам ал сурап.
Жерде жатып калыпсың,
Жаш соогалап алсырап.

Жазда кайра келесиң,
Саргаясың келсе күз.
Сендей болуп бир кетсек,
Биз кайрылып келбейбиз.

Мезгил эркке коёбу,
Мени дагы тоноду.



Сендей күүлүп, жанында
чогуу жатсам болобу?

* * *

Ташты да жесем сиңиргем,
Байыркы алым болгондо.
Ырды жазсам элиргем,
Сүйөмүн деген ойронго.
Сабалайт элем азыр мен,
Сүйгөнүм эркке койгондо.

Байыркым эске түштү да,
Азыр андай ал кайдан?
Оозумду ачсам жүрөгүм,
Чыгып келчү Алтайдан.
Ыргытат элем бир уучтап,
Эркектерди даңкайган.

* * *

Дүйнөнү солк эттирип –
акылсыз жылдарымды,
Аңтарып жиберем мен.
...Сөз каздым канча тонна,
Керектүү мага деген.
Махабат армиясын
Ээрчитип баштап келем.
Чагылам чакмак таштай,
Элимдин деми менен.

Жаман иш жасаттырбайт,
Улуу шаар "Уят" деген.
...Даамына тамшандырган,
Өлкөнүн тузумун дейм.
Сөзүнөн чок чыгарган,
Мекендин кызымын мен.
Көкөлөп бара жаткан,
Кыргыздын Туусумун мен!
Ээ жармач, жармачтарым,
Токтоткун асылганды.
Суктанып окугула,
А көрө акындарды!

* * *

Күйүтүңдү албай такыр мойнуңа,
Күлүмсүрөп чок таштадың оюма.
Сенсиз күндү жыргал менен өткөрөм,
Сүйүү деген ырлар бүтүп боюма.

Күүгүм түшүп гүл өмүргө кеч кирип,
Күндөн күнгө баратабыз эскирип.
Өчөөрүндө дирилдеген жарыктай,
Өмүр майын алмашалбайт эч билик.

Көрүшкөндө экөөбүздүн көз караш,
Сүзүшөт да, букалардай челишет.
Жашырып жүр сырыбызды, жакшы бар,
Кесилиштен кезикпейбиз эми эч.



* * *

Айга жетип турганда жаман башың,
Жинди акын деп кемсинтип
турган жаның.
Азыр мынтип «асмандан» кулаганда,
«Жинди акынды» айланып неге калдың?

Асман эмес жерди эле жердегениң,
Билиндиби тууганым, опсуз кебиң.
Кемсинтсең да – күүсү шар океанда –
толкундарды тепсеген толкун менмин!

Дөөлөтүңө чиренип дүңгүрөдүң,
Дүйнө мүлктөн ооба, чын,
сенден кеммин.
Калемим бар, кагазым чаң баспаган,
Эң бактылуу дүйнөдө – акын менмин!

*шт. Иллинойс.*

* * *

Көкүрөгүм көктө эле,
Бир сагызган тепти эле,
жерге келип бир тийип,
көккө сызып кетти элем.

Серпилтишип турушат,
Эч капарсыз жүрсөм да.

Жылаңач дей беришет,
Тонду оронуп кийсем да.

Сынап жатып ырымды,
Жамандашат өзүмдү.
Чаң сапырган бороонго,
Тосуп жүрөм төшүмдү!

*шт. Иллинойс.*

* * *

Кумга жаздым атымды өчпөсүн деп,
Толкун келип шыпырып качып кетти.
Суугa жаздым атымды акпасын деп,
Шамал үйлөп асманга чачып кетти.

Күнгө жаздым атымды күнөстөйт деп,
Күн күйгүзүп жиберип күлүп койду.
Айга жазсам атымды айдын нуру,
Айдап чыгып булуттай түрүп койду.

Ак кагазга жаздым да катып койдум,
Аны эми тарых да өчүралбайт.
Толкун келип тепсебейт, шамал тийбейт,
Күн күйгүзүп, түн шимип өчүн албайт.
Ак кагазга атымды жазып койдум,
Жазып койдум түбөлүк өчпөгүн деп.



# АТЫМДЫ МЕНИН ЧЫГАРДЫҢ, АК СҮЙҮҮ МЕНЕН МАХАБАТ!

## МЕН СҮЙҮҮНҮН СИМВОЛУ!

Ыр толтуруп чаначка,
Кымыз кылып куямын,
Көкүрөктү кең ачкыла.
Күнгө кактап бышырган,
Махабаттуу жалынга,
Боюңарды таштагыла.
Көздөн жашы чыккыча,
Жаштык күлүп каткырат.
Барктагыла, байкагыла.

Кытыгылайт, черткилейт,
Арзуу жиби мойнумду.
Таң калгыла, тамшангыла,
Мен сүйүүнүн – символу!

Таңшып конуп изденген,
Татаал экен ыр жолу.
Сөздүн гүлүн – сузуп алып,
Жүрөк черткен ритм бу.
Таң калгыла, тамшангыла –
Мен сүйүүнүн – символу!

* * *

Тагдырдын жазып бетине,
Калемим изин калтырар.
Таалайым тиреп таш жарган,
Талантым балким, аз чыгар.

Тепселеп өмүр мектебин,
Термелип төштө күбөгүм.
Махабат жолдон азгырып,
Жүгүрүп жүрөт жүрөгүм.

Сүйүүдөн жолум болгон жок,
Адашуулардан баш катат.
Атымды бирок, чыгардың,
Ак сүйүү менен махабат.

* * *

Ало-о, доктур, ооруп калдым,
жабыктым,
Алы жетпей койду күчтүү табыптын.
Ич, ич десе, ачкөздөнүп чоң ууртап,
Махабаттын уусун жутуп алыпмын.

Тез жардамдан келген кыздар айтышты:
«Көрбөгөнбүз ачуу дартты, мындайды!»
Махабаттын кеселине уулансаң,
Доктурдун да алы жетпейт турбайбы?



Ошондуктан жүрөктөрдү жаралап,
Көкүрөккө куйбагыла муң-кайгы!

* * *

Ушул бутту көп күтчү элем,
Эшигиме келсе деп.
Бир үшкүрүп, оор дем алып,
Тереземди чертсе деп.
Азып келип, келекелеп,
Айтпаса экен жаман кеп.
Андан көрө сүйүнтсө экен,
Бүгүн калып калам деп.

Сыртта гүлдөр сумсайышат,
Бир көрсөк деп зар болуп.
Бүгүн келсе, эшик чертип,
Калат мага жар болуп.

Жер жайнаган гүлдөрүмдү,
Сугарабыз экөөлөп.
Сүйүнөбүз көкүрөктө,
Сүйүү кушу көкөлөп.
Шланганы сүйрөп барат,
Гүл бакчада көкөлөп...
Ушул бутту көп күтчүмүн...

* * *

Жалгызмын, олтурам ойго чумуп,
Кечээ түн күйөөмдү кууп ийгем.
Арам сөз, сөгүүсүн тоголоктоп,
Бетке чаап, бетиме уруп ийген.

Жалгыздык, тымтырстык, кулак тунат,
Кечээ эле үйүмдө поюз жүргөн.
Шарактап базарга айлантышып,
Балдарым каткырып, ойноп-күлгөн.

Кек сактоо жарыма күмөн экен,
Чыр баштоо өзүмдүн күнөөм экен.
Балдарды ойнотуп, шарактаткан,
Поюздун шоопуру күйөөм экен.

* * *

Ошол жолду басканбыз,
Ой-тоолорду ашканбыз.
Суктансын деп жылдызды,
Кучакташып жатканбыз.

Аргымактай буттарың,
Артып алып уктадың.
Нурдан түшкөн жылдызды,
Байкабастан ууртадым.



Асмандан кут дарыган,
Айдан түштү нур балам.
Беш көкүлүн жыттайм деп,
Бешик менен ыргалам.

Шамды жаксаң эңилип,
Жарык кетти төгүлүп.
Ошол жолдон ушул күн,
Бакыт менен ырыска,
Келатабыз көмүлүп.

## ЖҮРӨК ДЕЛЕ – ИМАРАТ!

Жүрөк дагы имарат,
Талкаланат бүлүнөт.
Сүйүү менен шыбап тур,
Гүлүн тартып түрдүүлөп.

Кирпичин тиз, өтпөсүн,
Кирем деген жетпесин.
Бузукулар талкалап,
Бузуп кирип кетпесин.

Жүрөктө да мурун бар,
Бүтүп калат шыркырап.
Какшаал эриң сөгүнүп,
Какшай берсе чыркырап.

Жүрөктө да тоо болот,
Чычкан күйөөң томполоп.

Астындагы алтынды,
Аламын деп томкорот.

Жүрөк деле алты сан,
Аңдый берсе партизан.
Шимирилип шилинет,
Араң калып жарты сан.

Жакшы күйөө жүрөктү –
Карыганча гүлдөтөт!
Жаман күйөө кажып жеп –
Карытпастан түгөтөт.

Жаман күйөө ачыбас,
Ичилбеген шараптай.
Жакшы күйөө учурган,
Ийниңдеги канаттай.

Жүрөк деле – имарат,
Сая берсе укулап.
Чыдай албай дубалы,
Кулап түшөт упурап.
Ошон үчүн алгыла,
Имаратты кулпулап.



* * *

Бир жакшына жигит элең, жаш элең,
Кабагыңдын ачылышы аз эле.
Ууртубуздан сүйүү балын ууурташып,
Дүйнөң бүтүн, гүлгүн жашооң саз эле.

Карындашың үчөө эле, кас эле,
Мени көрсө жеп ийишчү шап эле.
Бийлеп алып сенин бүткүл тагдырың,
Алар чечип, алар сага баш эле.

Айрылыштык, сен да ыйлап, мен ыйлап,
Өпкө капта жүрөгүбүз кырк туйлап.
Өлсөк деле качып кетсек эмине,
Кол кармашып, кең асманга кыйкуулап?

Кулпуланган бойдон калды жүрөгүң,
Чечкинсиздик мүнөзүңө таарын да.
Үйлөнбөдүң, төлдөбөдүм мен дагы,
«Кууту» жок калып «туут» маалында.

Бир туугандар убалыңа калышты,
А өздөрү эр тандашып жарышты.
Жалгыз калдың, төрт дубалга
муң айтып,
Көздө жашың арманыңа тамызгы.

Көп сагындым, көп ойлодум унутпай,
Тагдыр мерез болот экен ушундай.

Азыр деле эстегенде үшкүрүп,
Өксүп алам, алган жарга угузбай.

*шт. Иллинойс.*

* * *

Жүрөктөн чыккан ырым ай,
Денеңде калды жаракат.
Түз эле жүргөн жолумдан,
Азгырып кетти махабат.

Жардамга деп өрөпкөп,
Чогултуп келсем досторду.
Кимиси даап өчүрөт,
Жүрөктө күйгөн "костёрду"?

* * *

Ойношот экен кээ бир жан,
Орошон күнүм баткан жок.
Ойноюн десем болбоду,
Ойноштон кудай айткан жок.

Опуртал тагдыр кечеги,
Ойноштун эмне кереги?
Кең экен ичи кудайдын,
Кечигип берди күйөөнү.

Өзөндөн аккан булагым,
Өзгөчө салган турагым.



Асемдеп өстүр кемитпей,
Өзүңдөн тууган баламды.

Чок түшүп калып түндүгү,
Чуулгандуу өттү тирлиги.
Кечирип койчу, жараткан,
Мага окшогон "жиндиңи"!

* * *

Байка да, байкабайсыңбы,
Бардыгын чалбыткан эрен?
Бетимдин жазуусу турат,
"Мен сени жек көрөм" деген.

Тагдырым таалайсыз сенден,
Талкалап салбадың белең?
Көзүмдө жазылып турат,
"Жинимдей жек көрөм" деген.

Мен деле, сен деле "катын",
Эркектик намыс жок деги?
Дүйнөдө жексур жок сендей:
"Жек көрөм, жек көрөм,
Жек көрөм сени".

* * *

Жоготтум сени дейсиң –
Сөйкө белем?
Картадан өчүп калган –
Өлкө белем?

Жоготуп алдым дейсиң –
Шакек белем?
Бутуңа салып жүргөн –
Батек белем?

Жоготуп койдум дейсиң,
Жашап жүрсөм.
Мен сени көрбөс үчүн,
Тажап жүрсөм.

Сен эмне бирөөсүң да,
Катардагы.
Чапаның жерди чийип
Чала баскан.
Бетиңе каргыш тийип
Ала баскан.
Өзүңө барсын дубаң, жатардагы.

Чөп деле бийик өсөт, нур шимирип,
Чөпчөлүк боло албадың.
Артымдан шыбай берип,
Ырымдын жүрөгүнө
Кол салбагын.



Атыңды атагым да
Келбейт сени.
Куу чирен, сылаңкороз,
Жетишет. Бүттү баары.
Жоготконсуң мени эмес –
Абийириңди

* * *

Сындырам дедиң, сынбадым,
Сыртыман бычып сындадың.
Бет келген кезде безесиң,
Бетиң жок экен, сыйдаңым.
Киринем десем тазарып,
Кир экен дүйнөң, сыйбадым.
Каргайын дегем какшанып,
Балдарың үчүн кыйбадым.
Атагым угуп алжыдың,
Атымды булгап тынбадың.
Салпатек сага туш болгон,
Өзүмдү аяп ыйладым!

*шт. Иллинойс..*

* * *

Сүйлөсөң сүйлө өзүмдү,
Сүйлөбө ырым жөнүндө.
Түшүңдө көрсөң көрө бер,
Көрүнбө бирок өңүндө.

Теңинен калган бакамсың,
Тешилип бүткөн такамсың.
Шалпайып сынган шыпыргым,
Шалбырап калган "шакалсың".

Ичимде десем тыш белең,
Чалчыкта жаткан пыш белең.
Өмүрүң өтүп баратат,
Көчүктөн чыккан ыш менен.

* * *

Сүйгөнүм сен белең,
Сүйүүгө тең белең?
Үрөсүң ар качан
Тең кылып жер менен.
Сүйлөсөң тилиң уу,
Эрсиңби сен ушу?
Ыркырай бербестен,
Ырымды окучу.
Кор болдум жашыман,
Билимдин азынан.
Мыктысын тандайм деп,
Тандапмын тазынан.



# ЭКИ САП

* * *

Рюмканы толтуруп сөздү куйдум,
Кел окурман, ичели, тынчтык үчүн!

* * *

Отун жарган оңоюраак десеңер,
Ырды жазган кыйыныраак, билсеңер!

* * *

Жакшылар калыс айтса,
Жашагым келип кетет.

* * *

Сүйлөбөгөн жерде жалган жок,
Үнсүз турган жерде арман жок.

* * *

Токтотом дебей жамгырды,
Качканды үйрөн жамгырдан.

* * *

Аялсыз – дүйнө жаралбайт,
Аялсыз – жакаң агарбайт.

* * *

Кубанчымды айтайын десем жалынып,
Ичи тарлар кетеби деймин жарылып.

* * *

Моцарт менен Бахты угуп олтуруп,
Келеличи, жан дүйнөнү толтуруп.

* * *

Талантты тепсегенди көрсөм дагы,
Талантты таптаганды көргөн жокмун.

* * *

Кээ жылдар ырдап өттү мени менен,
Кээ жылдар унчукпастан кете берди.

* * *

Гүлдөрдү үзө бербейм тапкан үчүн,
Гүлдөрдү сүйө берем жаккан үчүн.

* * *

Менин ырым – менин обонум.
Менин ырым – менин өмүрүм.

* * *

Аялды алмаштырды эки, үч жолу,
Мекенин алмашпады бир да жолу.



* * *

Жалгыз таң бар, жалгыз атат, жалгыз
батат, жап-жалгыз,
Күн ээрчитет бүт дүйнөнү, бүт ааламды,
мейкиндикти, асманды.

* * *

Өмүр баян толтуруп, жаза турган
күндөр бар,
Өмүр баян иликтеп каза турган
бирөө бар.

* * *

Бир курдаш үйгө келсе албуут
концерт баштап кетет,
Ал тургай, көлөкөм да күн жок
жерде таштап кетет...

* * *

Кыргызча сүйлөгүлө,
Мекениң Кыргызстанда.

Башканын салтын, дилин,
Жайылтып кыйкыргыча.

Тилиңди кертип чайнап,
Ыйынып ычкыргыча.

Улутуң не болсо да,
Сүйлөгүн бүт кыргызча.

Ал тургай күлгөндө да,
Күлгүлө кыпкыргызча!

* * *

Сурабагын, ырларымдын тагдырын,
Ичинде мен жашап жатам акырын.

* * *

Ушул дүйнө көз жашыма кириннтет,
Менин жашап жүргөнүмдү билинтет.

* * *

Кыялыма асылгандан пайда жок,
Мүнөзүм бар бапырандап жанда жок.

* * *

Мага болгон таарынычты койгула,
Андан көрө
Ырларымды көргөзмөгө койгула.

* * *

Чаң бастырбай, анда-санда тиктегин,
Үйүңөргө бара жатат китебим.



# ТӨРТ САПТАР

* * *

Тал-талдап өскөн серүүнмүн,
Таштактуу жерге себилдим.
Төрт сызык ичин толтуруп,
Төрт сабым калса – генийимин!

* * *

Уктабай калдым, көп болду,
Уйкумду кантип чакырам?
Көйнөгүн чубап асмандын,
Ыр жазып таңды атырам!

* * *

Сызгырып майды көңүлдөн,
Сыдырып ырды эргүүдөн.
Төгүлүш үчүн төгүлбөй,
Тутаныш үчүн төгүлөм.

* * *

Намысы сынса акындын,
Кумсаргандан баш түтөп.
Тепкичи жок бет ылдый,
Эки көздөн жаш түшөт.

* * *

Кашаттын боюн бойлосом,
Күттүрүп, келип койбосоң.
Ыңкыштанбай чыгып кет,
Ичимде жүргөн жоо болсоң.

* * *

Ааламдын ичи алаамат,
Жылуусу кетип ала тап.
Армандуу, аруу жаш өмүр,
Алыстап кетип баратат.

* * *

Таң атса тоодон гүл терип,
Алдынан чыгам кол берип.
Чарчаган окшойт ийниме,
Жөлөнүп турат тоо келип.

* * *

Тагдырдын чатыш дарагын,
Тамыры менен омкордум.
Кудуктай куя берсең да,
Кулкуну толбойт чоңдордун.

* * *

Чоочуп кетип ырымдан,
Чоңдор житип кетишти.



Бара жаткан нугунан,
Суулар чыгып кетишти.

* * *

Үймөктөй сөздөр табылгам,
Жүрөгүм арфа кагылган.
Ырымды жутуп алышып,
Асманды айрыйт чагылган.

* * *

Жетимдиктин салмагы,
Сакталып жатат ай, жылга.
Мыкталып калдым азыр мен,
Поэзия деген мамыга!

* * *

Сүйөм деп ырдайм, кыңылдап,
Күйөөм да жакшы, чырдабайт.
Жарынан корккон акындар,
Сүйүүнү менче ырдабайт.

* * *

Балалык деген дайрадан,
Туруштук бербей агымга.
Картайыш үчүн келатам,
Карылык деген айылга.

* * *

Айбаттуулук – менин шердигим,
Адилеттик жогун билемин.
Чатак мүнөз акын дей берсин,
Өчпө менин, өчпө, эрдигим!

* * *

Тилип таштап жүрөктүн бир четинен,
Сыйыртмакты салып коюп, табалап.
Баш ийдирип дүйнө жүзүн кан жолго,
Тактысынан такыр түшпөйт махабат.

* * *

"Хулиган" ыр кайнап кетип канымда,
Ханды дагы тактысынан тургузат.
Патриоттуулук жолдош болуп жанымда,
Шыпты көздөй эки колун сунгузат.

* * *

Жазып койгон каттар калды ачылбай,
Жазам деген ырлар калды жазылбай.
Жаңылышат – түбөлүкмүн дегендер,
Жүрөктөгү шамал согот басылбай.

* * *

Тагдыр соккон аёосуз "нокаутту",
Далай ирет берилген тумшугума.



Моюн сунбай кайра эле тура калып,
Чаңды малтап баратам жумушума.

* * *

Менин боюм узун эмес, кыска эмес,
Кирпич кынап тизгенге акын уста эмес.
Ыр жөнөттүм кулкунуңа жетсин деп,
Муздатпастан, ысыгында уурта тез.

* * *

Өкүнүчтүү, жакпай калдым силерге.
Сөзсүз эле жагышым керек беле?
Көздүн жоосун арбаган түп-түз өсүп,
Кыйып салсаң жыгылат терек деле.

* * *

Оюңарда бир максатка жетем деп,
Өлкөм үчүн ант ичишип бекемдеп.
Мендей болуп алоолонтуп жүрөктү,
Силер дагы суусагыла мекен деп.

* * *

Сен турган жай касиеттүү мазардай,
Күн тийгендей чагылышат көзүмө.
Кол калтырап сага ырды жазарда,
Кайраттанып араң кирем өзүмө.

* * *

Балыкчылар – каракчылар, мүртөздөр,
Былкылдабайт, суу жээгинен
жылышпайт.
Жан соогалап таштап кет деп чыңырган,
Балыктардын кыйкырыгын угушпайт.

* * *

Убактылуу туруп кетет жаз деле,
Жай, күз, кыш да келе берет кайра эле.
Бир келген соң кош айтышпай, кол
булгап,
Жылда өнүп келсек кана, биз деле?

* * *

Курсакта өнүп, өсүп чыгып жабыла,
Өмүр менен тең жарышып агыла.
Тык токтойбуз татаал жолду кулатып,
Жеткен кезде "Мүрзө" деген айылга.

* * *

Ушул күн тийчү эле мага чейин,
Ушинтип тийсе экен менден кийин.
Өмүрдүн ушунча таттуу экенин,
Аркамда калгандар биле жүргүн.



* * *

Төңкөрүш жасагыла жан дүйнөгө,
Ашыктык кубанычы жетелесе.
Күн кирген терезеден күүгүмдөнүп,
Төгүлүп бакыт кушу кетелекте.

* * *

Тартылып турат пардам күндөн, нурдан,
Жүзүмө махабаттын өртүн салган.
Жүрөктү жалын каптап турган менен,
Чалкандын арасында өсүп калгам.

* * *

Суугунан араң чыгам улуу кыштын,
Жашоодо көр окаттын баарын сыздым.
Сөз багып, далбас уруп бир сап үчүн,
Дүйнөнү чаң тополоң кылган кызмын.

* * *

Сен мени мактап жатсаң унчукпадым,
Жактырдым басып кетпей,
айтсам чынын.
Себеби, көрүп турдум ички оюңду,
Анан да көздөрүңдүн тазалыгын.

* * *

Кийимдин түрүн тандап кийип албай,
Артынан бир шумшукту сүйүп калбай.
Алыста шорум катып жүргүчөктү,
Кошунанын уулуна эле тийип албай.

* * *

"Мен сенин оң колуңмун" дейсиң суздап,
Ал колум дайым үшүп турат муздап.
Ооба чын, сен ошосуң, жибибеген,
Сен турган үчүн дайым колум муздак.

* * *

Салтанаттуу окудум ырларымды,
Көздөрүңдө чаташат сезим тагы.
Муздак белең, муз болуп эрибедиң,
Жүрөк бар деп жүрүпмүн сенде дагы.

* * *

Менин башым агарды да, көгөрдү,
Бакыт мени канатына өңөрдү.
Баарын билдим, окуп-чокуп, үйрөндүм,
Билген жокмун, бирок, качан өлөөрдү?

* * *

Маңыздар көп сүйлөшөт кечелерде,
Байсаш үчүн келишеби же кечеге?



Убакытты уурдашат – бар болгону,
А сөздөрү арзыбайт эчтемеге.

* * *

Куш уйкуну салганда жаның жыргайт,
Чогулушта отуруп уктап алсаң.
Жыргал экен куш уйку, бирок, мейли –
Докладчынын сөздөрүн укпай калсаң.

* * *

Менин денем чарымы көп, май эмес,
Былкылдаган майлуу этке бай эмес.
Алып жүрдү мени жеңил көтөрүп,
Ичим бирок, дүйнө батат, тар эмес.

* * *

Уктап жатсам бирөөлөр ойгоо жүрдү,
Ыйлап жүрсөм бирөөлөр күлүп жүрдү.
"Коммент" жазып басынткан
көк мээлердин,
Кылыктары көкөйгө тийип жүрдү.

* * *

- Сулуу болуп кетипсиз, алтын эжем,
Бетиңизден беш жолу – дешти – өбөм.
"Жапжаш, сулуу бойдонсуз" деп эжелерди,
Калп айтканды мен дагы жакшы көрөм.

* * *

Автобуста акактап баратабыз,
Жан жеринен тер чыгып саратанбыз.
Ысыкка же суукка чыдабаган,
Сары майдай сызылган араң жанбыз.

* * *

– Жинди, – дешти бирөөнүн колун кайрып,
Камаш үчүн полицай сүйрөп алды.
Ордуң эмес, анын орду эмканада, –
- Э жиндилер, анын орду эмканада, –
Күңгүрөнүп бир карыя сүйлөп калды.

* * *

Оо саптарым, төрт саптарым, саптарым,
Он экимде сени жазып баштадым.
Хайям дешип мазакташа бергенде,
Жыйырма жашта сени жазбай, таштадым.

* * *

Чоң курсактар сахнага чыгышкан,
Казыларын бек кучактап турушкан.
Маданият жаатында эреже жок,
Арыкта же семиргин деп урушкан.

* * *

Бек кыссаң кучагыңа аалам толот,
Балдарың күлкү чачса көңүлүң ток.



"Заправкаң" толо түшөт шуу жыттасаң,
Баланын жытындай жыт дүйнөдө жок.

* * *

Жашай бер, жашагандан чарчабагын,
"Турмуш бул эшек-араба" – туура экен.
Жарылдап күн өткөрүп жүргөнчөктү,
Унчукпай коюу – күчтүү курал экен.

* * *

Кошуналар:
Ооруп калсам көрөбүз деп киришет,
Өлүп калсам көмөбүз деп келишет.
Душман болсоң айыбымды чукуган,
Жылуу сүйлөп сазайыңды беришет.

* * *

Табыйгаттын тынчтыгын угалбайбыз,
Жан дүйнөнүн аруусун жоготкондо.
Өзгөрүүлөр аябай болот эле,
Уктап жаткан мээбизди ойготкондо.

* * *

Өмүрдүн күнүн санап – агат таңым,
Өрүлөп мүнөт сайын, барат жаным.
«Бүт аалам меники» деп сайрасам да,
Бульвардын четинде эле баратамын!

* * *

Колума шакек деле тагынбадым,
Көрсөтүп көрүнгөнгө жагынбадым.
Кетпедим аша чаап делбелектеп,
Кадимки жөнөкөйлүк жагындамын.

* * *

Табам деп издеп келем өзүмдү өзүм,
Тоо ташка бир урунуп эзилгенмин.
Айда да, асманда да жок экенмин,
А көрсө, жүрүптүрмүн эсинде элдин.

* * *

Сүйүп өмүр сүрбөсөм – өөрчүбөймүн,
Сүңгүп ырга кирбесем – өлчүдөймүн.
ПОЭЗИЯ – мээнетиң алайыным,
Ыр жазбасам кутуруп кетчүдөймүн...

* * *

Ыр күчтүү – жамандарды оңдоп коёт,
Ыр маяк – адашканды жолго коёт.
Чачылган барактарын чогултуп кой,
Ыр жазган акындар эч – жаман болбойт.

* * *

Көпөлөктөрдүн сүйүүсү күчтүү,
Отко таштašат чарк эле боюн.



Отту сүйгөнүн өлүп билдирет,
Чаңкаган арман, ичтеги оюн.

* * *

Чайды сонун дейсиңби, чайды сонун,
Сен болбосоң жанымда – кайдан сонун?
Сары суудай супсагын билиндирбейт,
Чогуу олтурсаң тамшанып, кара торум.

* * *

Кеп ташыса кагып сал, дердейтпегин,
Эл катары жерди эле жердейт дегин.
Жолду буруп кетемин сырткы өйүзгө,
Башкаларды ээрчигим келбейт менин.

* * *

Көрүнгөнгө кеселим айткым келбейт,
Көздөгөн бир максаттан
кайткым келбейт.
Кокус кийин дос болуп калабы деп,
Душманды да дуңкуйтуп
саткым келбейт.

* * *

Керек жерде мен деле жеңилемин,
Тирүүмүн да мен деле эңилемин.

Жыгылганга арданбай, сайкүлүгүм –
Бууданыма камчы уруп теминемин.

* * *

Күзгүдөгү менби же мен эмеспи,
Мага түспөл жөн эле бир элеспи?
Бырыш баскан жылдыздуу бул байбиче,
Мени ээрчитип – үйүнө жүр дебеспи?

* * *

Бир таанышым келгенде абаласа,
"Үнүң бас!" деп итимди тилдегенмин.
Ичи арам чулкуңдаган ал кишиден,
Итим ыйык экенин билбегенмин.

* * *

Жомок жазат ким бирөө, жомок токуп,
Бир каарманы токойдо жүрөт коркуп.
Же ээ кылып алышат автор болуп,
Илгерки бир китептен алган окуп.

* * *

Жаштыгымды, мастыгымды унутпайм –
деген менен мастык али кетелек.
Асыл күндөр жалындуу да, армандуу,
Ала кетчи мастыгымды жетелеп.



* * *

Сен кандайсың, жакшысыңбы,
жакшынам,
Менин дагы жакшы жагым жаттасаң.
Унутуп сал жаманымды, мен болсо,
Жалаң гана жакшыларды жактырам.

* * *

Ыр жаздым да, ташка жайып таштадым,
Жайылсын деп так бооруна асканын.
Ал ыр эмес – ал акындын тарыхы,
Көргүлөчү, кандай жолду басканын?

* * *

Бак-дарактын жалбырагы шуудурап,
Бири ылдый, бири өйдө турушат.
Кээ биреөндөй басынтышпайт
бир-бирин,
Кезек келсе тегиз жерге чуурушат.

* * *

Аз жашайбыз, көп жашайбыз, билбейбиз?
Жаман сөзгө жан чыккыча жиндейбиз.
Алдуулардын намаз окуп алдына,
Алсыздарга албан зөөкүр пилдейбиз.

* * *

Бейбаш элем, апам качан урат деп,
Бала кезди коркуп жүрүп өткөрдүм.
Кыялым да чатак эле, тил кайрып,
Көп балаңан "бандит" мени жек көрдүң.

* * *

Кыргыздын үрп-адаты, каада-салты,
Келатат улутуна жарак болуп.
Кыйындар, өзгөрүлүп калбайсыңар,
Кепинди чүмкөнсө эле арап болуп.

* * *

Тирүүлүк деп ар нерсени жеп ийбегин,
Тилим бар деп ар нерсени деп ийбегин.
Кызматчыга кошомат кылгың келип,
Абийир төгүп, доңкоюп ийилбегин.

* * *

Тил жоголсо өлкө дагы жоголот,
Тектүү кыргыз малай болуп ойгонот.
Манас уулу көзүңөрдү ачкыла,
Бөлөк улут бооруң болбойт, жоо болот.

* * *

Ааламда миң миллиард Галактика,
Триллион жылдыз баарын билесиңби?



Сен болсо дават айтып өлүм менен,
Коркутуп элди алдап жүрөсүңбү?

* * *

Калемпирдин ачуусунан эксе да,
Помидордун түшүмүнөн алган бар.
Көз байлаган көз боочулар көбөйдү,
Жаамырашып бара жатат жалгандар.

* * *

Бышпай калган сөздөн чийки ыр чыгат,
Жутуп ташта нават кошуп бир чылап.
Чийки болсо аягына жеткире,
Китебиңди окуй алат ким чыдап?

* * *

Байлыгына мактангандар чиренип,
Меникиндей байлык барбы, айткыла!
Бир сап ырды жаза албасаң чиймелеп,
Байлык жыйган шертиңерден кайткыла!

* * *

Сатып кете турган болсоң дос болбо,
Мурункудай кыймылыңдан козголбо.
Бүчүр чачып өнө турган кезимде,
Пешенеме келе турган шор болбо.

* * *

Киши дебе киши жеген чөндөрдү,
Колун кайрып торго тыгып койгонду.
Акча жутуп, дүйнө топтоп маарышып,
Адамдардын арты менен тойгонду.

* * *

Адам руху деңиз болот дечүмүн,
Көпчүлүгү көлчүк экен билбепмин.
Дайра го деп чалчыктарын байкабай,
Басып алып жан дүйнөмдү кирдеттим.

* * *

Ачык айтсам, жакшы эле эркеледим,
Айтаарым көп дагы эле элге менин.
Чымчып жыйып китепке сөз байлыгын,
Элден алып, кайра эле элге бердим.

* * *

"Арбаңыз!" деп өтүп кетсем, карыларга,
"Ким бул?"дешип күбүрөп колун сайса.
"Улууларды урматта" деп – айткан апам,
Салам айтпай калабызбы улууларга?

* * *

Жүз жолу жардам берсем айтышпады,
Бир жолу бербей койсом жамандашты.



Дегеле эмне болуп баратышат,
Кудайдан жаратылган адамзаты.

* * *

Атымды унутсаң да, унут дагы,
Жакшылык кылганымды унутпагын.
Кечке эле чырылдата бербегиле,
Атына доо кетирип Бурулкандын.

* * *

Кенди казып, сөз гүлүн табыш үчүн,
Калем учун каныма малыш үчүн –
Генийлерди барактап олтурамын,
«Моторума май куюп» алыш үчүн!

* * *

Бактысыздар тынчып турушпайт,
Бир-биринин сөзүн угушпайт.
Назик сүйлөп, күлкү чачышып,
Бактылуулар гана урушпайт.

* * *

Жаман деп кыялымды куу чирендер,
Кулагын кээ бирөөнүн толгоп келет.
Терс аяк, кеп жебеген мүнөздүүдөн,
Өзүмдү ошо "кыял" коргоп келет.

* * *

Ырыма обон чыкса сыймыктанам,
А бирок, кандайлыгын сындай албайм.
Мынакей, менин ушул кемчилигим –
Өзүмдүн ырларымды ырдай албайм.

* * *

Жердеги жаткан көлчүктөн деле,
Асманда жылдыз көрүнөт, кара?
Чекеме чачты агызып коюп,
Орсок тиш сени сүйүпмүн өла-а.

* * *

Калем алсам сөз тамчылайт кагазга,
Көкүрөгүм Орбитаңдан адашпа.
Куштар сызып учуп чыксын уяңдан,
Кагаз толсун түнкү ырга таң атса.

* * *

Бир күн бар – мен жарыкка келип калган,
Бир күн бар – мени узатып кала турган.
Бир өмүр – мени ээрчип кетип калып,
Өмүр бар – менден кийин жана турган.

* * *

Кулатасың кай дубалды, курбай жатып,
Максатыңа жеталбайсың турбай жатып.



Үмүт этип кол сунуп ким бирөөдөн,
Жакшылыкты күтпөгүн кылбай жатып.

* * *

Бир күзгүнү карасам сулуудаймын,
Бир күзгүнү карасам улуудаймын.
Карасам да миң ирет артка кетип,
Бала болуп жаңыдан жуурулбаймын.

* * *

Мактоо болгон жерде – уялам,
Сынып калган жерде – чыйралам.
Карап туруп көзгө калп айткан,
Адамдарды көрүп кыйналам.

* * *

Насаат айтып жатсам жаштарга,
Ылай чачат бирөө арсактап.
Же өздөрү окуп үйрөнбөйт,
Үйрөткөндү турат мазактап.

* * *

Сиз мени таанийсыз же таанıбайсыз,
Жактырып китебимди окудуңуз.
Дагы да айтып берем эл тагдырын,
Жаныма жакыныраак олтуруңуз!

* * *

Ыйлайсыңбы? Ыйла кызым, ыйлап ал,
Жеңилдейсиң, бирок, менден жашырба.
Ачык айткын, эмне болду, оор жүгүң,
Көтөрөм мен, тирүү турсам кашыңда.

* * *

Балдары токсон жашка чыкса дагы,
Апалар апа бойдон кала берет.
Жүз жаштан ашса дагы апаларын,
Сагынып көзүнө жаш ала берет.

* * *

Макулдашып кылалбадык ишти эч,
«А»ны десем «Б»ны айтып турат, пес.
Мамилелүү болалбадык эч эле,
Каным сорбой барчы, жогол, кетчи тез.

* * *

Метронун поезддери,
Жер астынан чыга калат суурулуп.
Жин ургандай озоңдойт да, бакырып,
Кайра жерге кирип кетет жулунуп.

* * *

Бош идиштен суу куюлбайт,
Аны достум, туя жүр.



Адегенде толтуруп ал,
Андан кийин куя жүр.

* * *

Достукта – сатпаган-саткан,
Эмнелер өтпөдү баштан?
Кош кабат үй салып алдым,
Досторум ыргыткан таштан.

* * *

Кызыл нур чачып сен тарап,
Күн тийип асман чаңкаят.
Күлмүңдөп аалам турса да,
Көздөрүң неге муң чаят?

* * *

Күлкү ыргыттым кылыктанып,
Көзүңдү төшөп тосуп ал.
Күлкүгө тойбос жаштыктын,
Койнуна мени кошуп ал.

* * *

Мээмди тепсеп жүрүшкөн,
Данексиз сөздөр кеткиле!
Кеткиле чөгүп деңизге,
Жабышпай жүргүн эч кимге.

* * *

Жиндилерди көргөн кезде,
Жинди болуп койчумун.
Улам жинди боло берип,
Соо кезимди унуттум.

* * *

Көнүгүү жасашат түрдөп,
Көп басып өмүрү үчүн.
Унчукпай коюунун бирок,
Жасашпайт көнүгүүсүн.

* * *

Өч албай койсом сенден,
Жеңилди деп ойлобо.
Кезинде эжем айткан:
"Теңелбе, бул койлорго!".

* * *

Жер үстүндө нелер көп,
Кумурскабы, кытайбы?
Жеткиралбай тамак-аш,
Кытай эли жутайбы?

* * *

Үйдөгү ызы-чууну,
Убакыт коёт утуп.



А көрө келген жакшы,
Бир ууртам аба жутуп.

* * *

Биз жүргөн сонун дүйнө,
Татыктуу өмүр сүрсө.
Жүрөктөр ширелишип,
Махабат толсун үйгө.

* * *

Чыгарып жаман жагың,
Өзүңдү сүйбөй жүрсөң.
Сени ким сүймөк эле?
Ушундай, досум, билсең.

* * *

Алдыга кеткен өлкө,
Чыгат дейт саякатка.
Эң артта калыптырбыз,
Кызыгып саясатка.

* * *

Жакпайбы, кетир аны,
Жүрбөстөн жакалашып.
Болгону өчүрүп сал,
Катардан такыр сызып.

* * *

Алыстап кетсе досуң,
Дайынсыз узак мөөнөт.
Сен анда керегиң жок,
Иши түшсө таап келет.

* * *

Жамандык жасагандар,
Жакшыны түшүнүшпөйт.
Калп менен өмүр сүрүп,
Чындыкка бүгүлүшпөйт.

* * *

Жакшылык такыр кылба,
Мээлери жараксызга.
Аларды ойлой берип,
Өзүңдү алсыратпа.

* * *

Жамандасаң жамандай бер,
Жамачымдай сөгүлүп.
Эл көзүнө турса болду,
Кылган ишим көрүнүп.

* * *

Начар китеп жазып алып,
Белек кылып бергендер.



Мактап айтып каармандарын,
Убактымды жегендер.

* * *

Куштармын сапты тизгенге,
Кудурет берсе, кучүм мол.
Куюлуп сөзүм кетпесин,
Курржунум түбү бүтүн бол!

* * *

Батыш жактан чыккан шамал,
Чыгыш жакка кетип барат.
Жолдон чыккан алдындагы,
Бак-дарактын бетин жалап.

* * *

Кан сарайда жашаса да,
Суук тийип калыптыр.
Жер кепеде жашагандар,
Жерден кубат алыптыр.

* * *

Кенен үйдү салабыз,
Тар үйүмдү чанабыз.
Бөлмөлөр бүт боп-бош турат,
Бурчунда эле жатабыз.

* * *

Китеп – менин компосум,
Өмүр бою жолдошум.
Тутантыш үчүн отунун,
Китеп жырткан болбосун!

* * *

Өлдү десе бирөөнү,
Сыздап кетет жүрөгүм.
Кезек келсе өлөм деп,
Ойлобоймун мен өзүм.

* * *

Деним да талып улгайды,
Жазбайын десем ар кайды.
Көзүмө сайып көрсөтүп,
Жүрөккө салып турбайбы?

* * *

Кийим аз кезде жаш элем,
Суктанып бирок, тиктешти.
Кийим көп кезде картаң деп,
Тиктебей койду эч кими.

* * *

Өзөккө баткан көйгөйдү,
Өксүсөм жазып ыр кылам.



Өзүмдүн бетим турганда,
Өзгөнүн бетин не кылам?

* * *

Өзгөртсөк болот бардыгын,
Кечирсек болот калганын.
Арсыздын кыял жоругун,
Жуктуруп кокус албагын.

* * *

Келечек күңүрт көрүнсө,
Самабай күдөр үзөбүз.
Сакалын чайнап жүрүшкөн,
Жаштардан нени күтөбүз?

* * *

Жалгыздыкта жан кейитпей,
Жакшы эмеспи түндөсү –
жок дегенде дыңылдаган,
Чиркей менен сүйлөшүү.

* * *

Болбойт экен кек сактап,
Көкүрөккө түйгөнгө.
Турмуш мени үйрөттү,
Душманды да сүйгөнгө.

* * *

Таңдан кечке олтуруп,
Бир-эки ыр жазамбы?
Таркабаган кусамы,
Ыр табалбай сызамбы?
Кайдан тапкан дарыя,
Сөздүн кенин Низами!

* * *

Дүйнө жүзү жактырат,
Бир сөз менен катырат.
Акыл кенин мүшөктөп,
Кайдан алган Сократ!?

* * *

Жылдар өтсө өзгөрбөдүм,
Мезгил учту күңгүрөп.
Бир күндө эле чыга келдим,
Бир күндө эле дүңгүрөп.

* * *

Өтүгүм жок деп кейисем,
Үшүйт деп бутум, бышактап.
Буту жок киши туруптур,
Балдагын бекем кучактап.

* * *

Кулпусуз ачкыч болбойт,
Ачкыч жок кулпу болбойт.



Өмүрдүн мектеби ушу,
Түгөйсүз жалгыз койбойт.

* * *

Уктабай калдым, көп болду,
Уйкумду кантип чакырам?
Көйнөгүн чубап асмандын,
Ыр жазып таңды атырам.

* * *

Көбүрөөк баттым азапка,
Булбул да болдум капаста.
Жашап кал бүгүн, дагы бир –
Бурулкан жок "запаста".

* * *

Мелдешке чыгып жаткандай,
Бирөөлөр сөздү талашат.
Ажылдатпай катардан,
Аларды
Өчүрүп салсаң жарашат.

* * *

Чөгүш керек болсо чөгөмүн,
Өчүш керек жерде өчөмүн.
Камгак келсе ордум талашып,
Күлүп туруп артка көчөмүн.

* * *

Адашканды жетелеп,
Жол көрсөтүп келчүмүн.
Жинди экенин билбестен,
Акыл айта берчүмүн.

* * *

Бул дүйнө болсо театр,
Машыкпай келген артис – биз.
Жаттабай жүрүп өтөбүз,
Башаламан, тартипсиз.

* * *

Үшкүрүк чыгат түтүндөй,
Ичимди өрттөп бүтүндөй.
Бүгүнкү ачуу окуя,
Капыстан келди күтүлбөй.

* * *

Бир күндө бирден ыр жазсам,
Отуз деп алсам эсепти.
Чыгарып турмак экенмин,
Жылына бирден китепти.

* * *

Отура берсең иш кылбай,
Үйүңдө айтып келмени.



Жазында үрөөн сеппесең,
Кышында жейсиң эмнени?

* * *

Тили менен байсаса,
Мурду алат жазаны.
Талкаланат бейкүнөө,
Тилдин өтүп азабы.

* * *

Доолап келсе акчам жок,
Ыр берсемби карзыма?
Негативге толуптур,
Мээмдеги корзина.

* * *

Төшөгүн жумшак салып,
Жаздыгын барпыратып.
Жүрүшкөн кошоматчы,
Биринчи кетет сатып.

* * *

Ырымды окушкандар,
Жаркыган окурмандар.
Силерчи, мендиксиңер,
Силерди – Кудай Колдо!

* * *

Туура эмес сындагандар,
Оозунан закон тамаар.
Жүрөктө калып калды,
Жагымсыз "заметкалар".

* * *

Бирөө мактанды,
Бирөө калп айтты.
А бирок, бирөө да,
Бир-бирин укпады.





# БЕШ САПТАР

* * *

Жай жүрөм, жай иш кылам,
жаймын ооба,
А бирок, токтоп калган жокмун коркуп.
Жай жүрүп, жай кыймылдап,
баарын жеңдим,
Азапты, арманды да,
Жолуккан ар бир жолку.

* * *

Ачык турган эшикти көрбөй туруп,
Жабык турган эшикти тарткыладым.
Кулпун жулуп, темирин талкаладым.
Илмеги бар эшикти ачып салдым,
Ичимдеги мүлкүм экен – ал ырларым.

* * *

Сүйүү толгон катымды сурап калдың,
– Берчи? – Эмне кыласың? – Окуп берем!
Берип койсом берди деп жайып ийдиң.
Мынча неге жаңшанасың, жаагың сынган?
Андагы ырлар сага эч жазылбаган!

* * *

Мага сүйүү белек кыл сегизине,
Үч тал гүлдү үзбөгүн күнөөсү жок.
Алар али жаш гүлдөр бүлөсү жок.
Ачылышкан бажырайып эми эле,
Белек кылсаң сүйүү бер сегизине.

* * *

“Өзүмдү укмуш сыйлайм,
Сен дагы сыйлагын” – дейт.
(Дөөпарас сенибн ушу?)
Сыртымдан унчукпадым,
Ичимден ыйладым тек.

* * *

Менби, мен? –
Дүйнөнүн жыргалымын,
Акындын ырларымын.
Комуздун кылдарымын,
Тарыхтын жылдарымын –
Кыргызды ырдаарымын!



# АЛТЫ САПТАР

* * *

Кайда барсам өзүмдү,
Ээрчитип алып жүрөмүн.
Бирибизге бирибиз,
Ашкатык болуп жүрөбүз.
Качан, кантип, кай жерден,
Бөлүнөбүз – билбейбиз.

* * *

Ак нандан да көңүл калат,
Сагындырат кара нан.
Күндөр келет жүрөк айнып,
Конфеттен да жадаган.
Узак өмүр жашагыла,
Ага чейин садагам.

* * *

Күлкү бар – өлтүрүп коё турган,
Олтурган жериңди оё турган.
Мыйыгы мыйрыйып жаакка чейин,
Чоюлуп куралсыз соё турган.
Күлкү бар – көзүңдү оё турган,
Күлкү бар – каныңа тоё турган.

* * *

Кыргыз деген жашынакай улут бар,
Аны билбей сатып жүрөт куруттар.
Алсыздардын кулагына куюп кал,
Өзөгүнө кайтып келсин, буулукпай.
- Афганистан болуп дагы көрүшсүн,
Көзүң жумуп, кете берчи, Бурултай?

* * *

Бул жаман болсо, беркичи,
Ал жаман болсо, аркычы?
Кантип эле бир тушта,
Жаман болсун баарысы.
Арасынан суурулуп,
Чыгып калар нарктуусу.

* * *

Опол тоо жүктү көтөрөт,
Ийнедей ичке ийним ээ!
Көңүлгө түшсө бир кыпык,
Көкташтай тийет жиниме.
Оордугу ошол кыпыктын,
Оорудан жаман, билгиле.

* * *

Айды карап улуйт неге,
Карышкырлар азуулуу.



Жакшы тилек тиледиби,
Же түгөндү азыгы.
Бардык насип силердин да,
Чекеңерде жазылуу.

* * *

Асан-Үсөн пайда болду,
Түр боёктон жуурулуп.
Таң калтырып ойлондуруп,
Асман жасайт бурулуш.
Не бир сулуу, не бир укмуш,
Физикалык кубулуш.

* * *

Ырды жаздым кимдер үчүн,
Жатышса алар дептеримдин ичинде –
Сызылып да, кысылып.
Басма келип чыгарбаса,
Же өкмөттөн кол сунуп.
Окугандан эмне пайда мен өзүм,
Көктү жиреп учалбаса, умсунуп.

* * *

Акак таш мага жардам бералган жок,
Кара таш жаңгагымды чагып берди.
А жаңгак ачкалыктан сактап калды,
Курсактын курулдагы пастап калды.

Ошондо кайсы таштын, кай учурда,
Кишиге пайдасы көп тийет экен?

* * *

Кастык – бул жара болот айыкпаган,
Кенебей жүрө берсе ырбап кетет.
Чечилип сүйлөсөңөр, эй адамдар,
Көкүрөк бул жарадан кургап кетет.
Ким калган түркүк болуп асман-жерге,
Баарына “ажал” деген кезек жетет.

* * *

Бир да доктур аба жут деп көчөдөн,
“Форточкаңды ачып жат” деп айтпады.
“Постельный режим” деп,
түшүнүксүз чиймелеп,
Канча келсем ошончо ирет
жазганынан кайтпады.
Жаш кезекте көп бас деген жок эле,
Азыр болсо көп басканга оору
бизден алыстады.



# СЕГИЗ САПТАР

* * *

Мас акын соолукканча эстен таныл,
Деңиздей канат керип жатса чалкып.
Чок саптар эс алгыла, эс алгыла,
Тизейин андан кийин көңүл балкып.

Мастыкта боло берет толгон жорук,
Бөлмөмдүн ичи күндөй нурга толуп.
Дүйнөнүн сөздөрү бүт чогулгула,
Барактын бетинде кал, өчпөс болуп.

* * *

Майдалар майдаланып баратышат,
Кең заман, артың эми кантээр экен?
Алданып келиптирмин айсың десе,
Адамдар бардыгы эле актёр экен.

Көтөргөн чүпүрөгү желек эмес,
Калп достор азыр мага жөлөк эмес.
Ташкындап турганымда куйбагыла,
Деңизге бир чака сууң керек эмес.

* * *

Министр менен кантип кол алышсам,
Шахтёр менен ошентип кол алышам.

Кароолчунун чай ичип кепесинде,
Каардуу шоопур менен да жол табышам.

Тил табышып жыланды арбаша алам,
Боксёр менен рингде таймаша алам.
Бирок дагы, жырткычтан өтүп кетип,
Бир-бирине кол салат адам-айбан.

* * *

Адамдар мынча зиркилдеп,
Ачуулу болуп калышкан.
Түртүп алсаң тыгында,
Жаныңды сууруп салышкан.

Адамдык бийик сапаттан,
Ажырап кетпе, сураныч.
Корсулдап ийбей, күлүп жүр,
Койнуңа батсын кубаныч.

* * *

Эгерде мен болуп калсам тарыхчы,
Бүт изилдеп тактап ачып тарыхты.
Ырым менен кийиз китеп жазмакмын,
Коркуп-үркүп бурмалабай аныкты.

Акча менен сугарылып калышты,
Кээ бирөөлөр буруп салды тарыхты.



Сан миң сөздү сансыз ойдон чыгарып,
Санжыра деп саймедиреп салышты.

* * *

Мезгил деле чуркай берип чарчайсың,
Чарчай бербей токтоп бир аз эс алчы.
Артка түрчү касетаңды эринбей,
Жаштыгыма алпарып кел, эчакты.

Кетип эле баратасың убакыт,
Мүнөттөрүң мүнөт менен озунган.
Ага берип кайда жетип токтойсуң,
Чегиң барбы чек арадай тосулган?

* * *

Асман бизге бата бер – кыргыз жерим,
Өнсүн, өссүн, көктөсүн дарак болуп.
Эл, жер, суу, тоо, мекенди, чек араны,
Эр жүрөктөр коргосун жарак болуп.

Кыргын тийип кетпесин эркектерге,
Илим издеп сүңгүсүн тереңине.
Көп окушсун сабатын жоё билип,
Жарап берсин мекендин керегине.

* * *

Улуу тоого келемин, көрөйүн деп,
Таштарына башымды жөлөйүн деп.

Кароолчунун чай ичип кепесинде,
Каардуу шоопур менен да жол табышам.

Тил табышып жыланды арбаша алам,
Боксёр менен рингде таймаша алам.
Бирок дагы, жырткычтан өтүп кетип,
Бир-бирине кол салат адам-айбан.

* * *

Адамдар мынча зиркилдеп,
Ачуулу болуп калышкан.
Түртүп алсаң тыгында,
Жаныңды суурул салышкан.

Адамдык бийик сапаттан,
Ажырап кетпе, сураныч.
Корсулдап ийбей, күлүп жүр,
Койнуңа батсын кубаныч.

* * *

Эгерде мен болуп калсам тарыхчы,
Бүт изилдеп тактап ачып тарыхты.
Ырым менен кийиз китеп жазмакмын,
Коркуп-үркүп бурмалабай аныкты.

Акча менен сугарылып калышты,
Кээ бирөөлөр буруп салды тарыхты.



Сан миң сөздү сансыз ойдон чыгарып,
Санжыра деп саймедиреп салышты.

* * *

Мезгил деле чуркай берип чарчайсың,
Чарчай бербей токтоп бир аз эс алчы.
Артка түрчү касетаңды эринбей,
Жаштыгыма алпарып кел, эчакны.

Кетип эле баратасың убакыт,
Мүнөттөрүң мүнөт менен озунган.
Ага берип кайда жетип токтойсуң,
Чегиң барбы чек арадай тосулган?

* * *

Асман бизге бата бер – кыргыз жерим,
Өнсүн, өссүн, көктөсүн дарак болуп.
Эл, жер, суу, тоо, мекенди, чек араны,
Эр жүрөктөр коргосун жарак болуп.

Кыргын тийип кетпесин эркектерге,
Илим издеп сүңгүсүн тереңине.
Көп окушсун сабатын жоё билип,
Жарап берсин мекендин керегине.

* * *

Улуу тоого келемин, көрөйүн деп,
Таштарына башымды жөлөйүн деп.

Жердин үстүн айландым жөө-жалаңдап,
Өлсөм дагы кыйналбай өлөйүн деп.

Кыркаларын кыдырдым көп өлкөнүн,
Кыргыз жердей жок экен
миң көрктөнүп.
Арманы жок өтүшмөк "интуристтер",
Кеткенинде тоо-ташка бир сөйкөнүп.

* * *

Аба сонун. Аба көп. Аба коюу,
Ошону да ыштайбыз атаң гөрү...
Акыл чыгар бекен деп, жогор жактан,
Оозун карап турабыз төрөлөрдүн.

Бирөө чыкса суурулуп эл алдына,
Желкелешет чоңдоруң чочоңдогон.
Тумчуктуруп турушат муштум кезеп,
Үрпөңдөшөт үрпүйтүп жондорун жоон.

* * *

Паровоздун алдында жүрөйүнбү,
Же артынан күч үрөп, түртөйүнбү?
Артта калып же алдына чыксам деле,
Кабагыңа кар жаап турат үрпөйүңкү.

Дарагыңды кол жетсе жашылдандыр,
Учуп келчү булбулуң кашыңдадыр.



Душмансыңбы, досумбу, мага эчтеке,
Өзүң курган дүйнөңдү асылдандыр!

* * *

Үйрөткүчө сени туура жазгын деп,
Итке неге үйрөтпөдүм далай кеп.
Алаканың кызуу кармап кыскыча,
Иттин бутун кыспайт белем "давай" деп.

Сени оку деп – окуткуча өнөрдү,
Андан көрө үйрөтпөпмүн маймулду.
Арттан келип малып алган канжарың,
Алигиче жүрөгүмдө сайылуу.

* * *

Тамактын үстүнөн да тамак жеген,
Тамакка кошуп дагы тамак жеген.
Ал тургай асфальт жеген, жерди жеген,
Темирдин тезегин да кошуп жеген.

Тоо жеген, колот жеген, зоону жеген,
Тойбостон сууну жеген, элди жеген.
Таң калып карай берем ушуларды,
Жесе эле ашказандары сиңире берген.
Чоюлма болобу же "булар" деген?

* * *

Аял көрсөк аңкоо болуп туйлайбыз,
Алсыз гүлдү үзүп берип сыйлайбыз.
Күнөөсү жок мөлтүрөгөн гүлдөр ай,
Белиңерден чорт сындырып кыйнайбыз.

Жыпар жытты чачасыңар акыркы –
мүнөттө да өлүп кетип баратып.
Турасыңар сууну кечип вазада,
Алсыз назик жүрөгүңөр канатып.

* * *

Жылан көрдүм, колу-буту, тили бар,
Сойлоп келип, күлүп туруп уу чачкан.
Башын жанчып салаарымда, куу жылан,
Адам кейпин кийип алып арбашкан.

Кайда барсам бут алдыма илешет,
Аттап кетем, алар менен кармашпай.
Мен силерге эмне кылдым, алсыздар,
Кете бер да жолуң менен жармашпай.

* * *

Көпчүлүк сүрөттөн издесең –
сен жакка көңүлдү бурганы.
Ошо мен – жалжылдап сени издеп,
жылдыздуу жылмайып турганы.



Элүү жыл өттү деп убайды –
тартпагын. Жыл өзү улгайды.
Ошо мен – жылдарды жамынып –
Жылдыздай жаркырап турганы.

* * *

Колумдан төгүлүп турганда,
Көп келет тааныштар үйүмө.
Кээ бир кез алымдан кырганда,
Кетишет тумандай түрүлө.

Кез келсе зиркилдеп урушат,
Туугандар душмандык кылышат.
Жакшымды жайылтыш ордуна,
Жаманым чыгарып турушат.

* * *

Көйнөк кийдик жарашыктуу,
Колго тигип түрлөнтүп.
Апам өзү бычып берчү,
Мындай тик деп үйрөтүп.

Кийдик анан түрлүү, түрдүү,
Кызыл гүлдүү, жашыл гүлдүү.
Көйнөк бакыт апкелген жок,
Алмашсак да ар күнү.

* * *

Талаа, талаа, сорт участка-а,
Апам иштеп жүргөн талаа.
Дарбыз, коон, бадыраңы,
Жүгөрүсү, буудайы,
Бардыгы бар ай талаа.
Азыр алар суу астында,
Дем алалбай, тумчугушат,
Талаа, талаа, кайран талаа!

* * *

Күн болсо да, түн болсо да,
Терезеңди черткиле.
Укпай калсам кокус эле,
Эшигимди тепкиле.

Конок болсоң кирип кет да,
Таттуу даам сызып кет.
Алды-артымды аңдыган,
Айгак болсоң пысып кет.

* * *

Алтымыш деген жаштамын,
Алтымыш санаа тартамын.
Бууданды минер кезимде,
Айгырды минип картайдым.



Шыпырып түшүп күлүктөн,
Шылуундар далай үркүткөн.
Четке деп түртүп коюшат,
Чабарда тандап күлүктөн.

* * *

– Шамалды-Сайы белес го,
Шамалы жанды эзет го?
Сүйлөсө эле сени айтып,
Сагынып жүрөт дешет го?

– Сагынса жазып кат берсин,
Сүйүүсүн кошуп бак берсин.
Эркесин эзип ойнотпой,
Эркекмин десе бат келсин!

* * *

Жакшы сөздөр азайып,
Жамандарын бүркүшөт.
Жылан көрсө жалкыган,
Денелери үркүшөт.

Жаман ооздон жаман сөз,
Чыга берет турбайбы?
Тилек айтып адамзат,
Жакшы бата сунбайбы?

* * *

Ак ийненин кызматы,
Кийимге гүл тордосо.
Көйнөк кантип тигилмек,
Эгер ийне болбосо.

Кооз экенин макташат,
Түрлүү кийим кийгенин.
Келатабыз дагы деле,
Баркын билбей ийненин.

* * *

Төрөлүп нурдун ичинде,
Нур менен жашап жүрөмүн.
Учуруп кетип асманга,
Түшүрсө жерге түшөмүн.

Асмандын чыгып четине,
Келгенде жерге эмине?
Карбалас акем айткандай,
Түшпөйле коюш керек ээ?

* * *

Дос экен десем – саткансың,
Душмансың десем актандың.
Колтукка батып кирдиң да,
"Челдим деп муну" мактандың.



Башкага кантип жакмаксың,
Мендейди кайдан тапмаксың?
Кудукка койдуң түкүрүп,
Курттан да жаман акмаксың.

* * *

Тоо кырларын аяр басып,
Бийик чыгып үн салам.
Ыр окуймун сен жөнүндө:
«Тоолор сени сагынам!»

Көк шибер төр, гүл жамынган,
Мекен ыйык баарынан.
Кайсы жерде жүрсөм дагы,
Кыргыз жерин сагынам.

* * *

Дайыма түндө келген,
Не деген толгоосуң сен?
Уктатпай кыйнай берсең,
Укпамыш боломун мен.

Кыз болсун кызыл жүздүү,
Уул болсун ак нур жүздүү.
Жыргаткан бардыгынан,
Түндөгү толгоо күчтүү.

* * *

Коюлду алдыңарга,
Кара нан, карагыла!
Ак нанга кумарланба,
Кошулат кислота,
Ага да жана башка.
Айтаарым ушу сага,
Оорутат "сахар" менен,
Кол сунба аппак нанга.

* * *

Бекинип көрүштүк,
Жашынып өбүштүк.
Даракка сүйөнүп,
Селкинчек тебиштик.

Аймалап тойбоппуз,
Алкымдан койбоппуз.
Арзууга ширелген,
Жөн эле ойношпуз.

* * *

Көздөн аккан жалгыз жаш,
Агып кайда барасың?
Кекчилдерге көрүнсөң,
Кандырасың табасын.



Жаш чыгарган көздөрүм,
Жаман экем, кечир э?
Сенин түшүп бараткан,
Изиң калды бетимде.

* * *

Согуш, согуш – жан дүйнөнүн согушу,
Махабаттын согушу.
Бүт ааламды өзгөрттү,
Жүрөгүмдүн согушу.

Ыр согушу – мага чейин,
Менден кийин, сенден кийин.
Күндөштөрдөй ажылдайт.
Эч убакта басылбайт.

* * *

Алкымымдан сүйгөндөр,
Азабыма күйгөндөр.
Агып кетип мезгилден,
Азыр алыс жүргөндөр.

Илим издеп иргелдик,
Ичиңерден бир көрүп –
илгиртпестен силерге,
Илип кетти бир дөөдүк.

* * *

Өмүр, бакыт, ден соолук,
Чөйчөк шыкап толтуруп.
Ичкиле деп шыкашса,
Той-топурда олтуруп.

Мындай чексиз бакытка,
Чөйчөгүмдү чимирип.
Тамчы койбой жутмакмын,
Шимирип да шимирип.

* * *

Сүйлөйсүң адыр-кокту,
Кыларга ишиң жокпу?
Иш билбесең жок дегенде,
Ичкертип турчу отту?

Ар түрдүү болот экен,
Адамдын деле сорту.
Тектирден тайгаланып,
Тез сынат экен морту.

* * *

Поюз барат жүктөп алып өмүрдү,
Жаш кезекте ойлобойбуз өлүмдү.
Кагып сүйлөп, кыялыбыз чукчуңдап,
Каяша айтып, карайтабыз көңүлдү.



Поюз барат станциялар толтура,
Көөшүлүшөт, көбү терең уйкуда.
Кээси кокус, эрте түшүп кетишет,
Менин станциям, билбейм
кайсы жолкуда?

***

Бирге окуган, чогуу өскөн кандаштар,
Кантмек элем, кейийм, сыздайм, алдастайм.
Эски райондо өткөн жарты саатымды,
Азыркы өткөн миң саатыма алмашпайм.

Суу астында чөгүп жаткан мектебим,
Буркурасам, боздосом да жетпедим.
Ырга салып, сени даңктап жүрөм деп,
Алоосу күч ПОЭЗИЯНЫ беттедим.
1964+1974=50.

* * *

Көрүмдө жалгыз жаткандан корком.
Кайгыга катуу баткандан корком.
Кан досту алдап, саткандан корком.
Комузду билбей каккандан корком.

Жалган күнөөнү таккандан корком.
Караңгы түндө баскандан корком.
Дарыя булганып аккандан корком.
Каарына алат деп асмандан корком.

# АР КАНДАЙ МААНИДЕГИ АРАЛАШ ЫРЛАР

* * *

Алтымыштын адырын,
Аттап-буттап келатам,
Аста секин кыдырып,
Чекемдеги теримди,
Ченем менен сыдырып.
Тосуп турган камгакты,
Бутум менен жылдырып.
Ылайкасын турмуштун,
Чыпкалайм да, тундуруп.

Асман жердин арасы,
Алты карыш деп атам.
Алтымышты айылдап,
Аман-эсен келатам.

* * *

О жараткан теңирим – ыраазымын,
Азап бердиң, куурудуң,
Тепкиледиң, жуурудуң.
Арман бердиң чыдадым,
Аягында киши кылып чыгардың.

О жараткан кудайым, алкыш айтам,
Бакыт бербей кыйнадың,



Аргам кетти, ыйладым.
Дөөлөт кулап тоголоп,
Келечекке ой туман...
Баарын сага тапшырып,
Жаратканга мен сыйынып олтурам.

Теңир жалга,
Акын алга!
Шүгүр барга,
Улутум кыргыз,
Урааным Манас, ура-а-а!

* * *

Бир эле картинада
С. Боттичелли, Л. да Винчи,
П. Пикассо, С.Дали тарткан,
Бир өмүр бар, бир чоң китеп,
                    же бир дүйнө.
Аларды түшүнгөндөр түшүнүшөр.
Өмүрү өтүп кетер майдаланып,
Соцсеттерде сөгүнүп да, кыжынып,
Жашоосун эптей албай жүрүшкөндөр.

* * *

Латынча дей беришет тамгаларды,
Латыны ким, билбейт экем, мен аларды.
Ким жазып ойлоп тапкан жазууларын,
Мен эмес, түшүнүксүз – сага дагы?

Эскирип жок болушкан:
Латын, Санскрит, Шумер, Славян,
Байыркы грек менен Исландия
жана Майя тилдер.
Азыр деле изилденип жазылып жатат –
Байыркы деп казышып,
билбейм кимдер?
Байыркынын байыркысы болсок дагы,
Биздики эле келатат изилденбей?

* * *

Көйнөгүм – өмүр болсо,
Коймокмун такыр чечпей.
Түндө да кийип жатып,
Жанынан карыш кетпей.

Көйнөгүм – көңүл болсо,
Агартып күндө жууп.
Кыпындай кыл жугузбай,
Коймокмун капка бууп.

Көйнөгүм – ажал болсо,
Коймокмун дароо өрттөп.
Киймекмин камышты ийлеп,
Бүрмөкмүн эшип көктөп.

Оо дүйнө, ачууң келсе,
Күүлөнтүп бир силкесиң.



Оздуктап кармап турам,
Өмүрдүн бир тилкесин!

*шт. Иллинойс.*

* * *

Артымда дубал турат кайда жылам,
Алдымда кызым турат ызырынган.
Оң жакта күйөөм турат камчыланган,
Сол жакта бош жол менен кетип калам.

Жыртылган мамилени бүралбадым,
Жабылган көшөгөнү түралбадым.
Бул жашоо кыйын болду, оор болду,
Өмүрдү жыргап-куунап сүралбадым.

Жолумда жоодураган гүлдөн үзөм,
Томпоюп жолдо жаткан жерди сүзөм.
Кылчайып жарк эткенге үлгүрбөдүм,
Жеткенде жазуу турат: "Сенин мүрзөң!"

## ЭГЕР МЕН ӨЛӨРҮМДҮ БИЛГЕНИМДЕ?

Оорутпай көңүлдөрүн көп кишинин,
Кол сунса жүрөгүмдү берет элем.
Шамалдын бек кучактап моюнунан,
Алыскы тоого чыгып кетет элем.

Көйнөктү түрдөп-түрлөп кийгенимде,
Башкада бар бекен деп ийбегем ээ!?

Өзүмдү өзгөрткөндө, аттиң арман,
Өзгөртүп жибермекмин дүйнөнү ээ!?
Өксүймүн күндөр текке кеткенине.
Башкача баштайт элем бүт бардыгын,
Эгер мен өлөрүмдү билгенимде.

Дүйнөнүн кирдигинен иренжидим,
Бул жашоом эң акыркы жолкум болуп –
калса экен. Андан көрө көбүк чачып,
Деңизди тебелеймин толкун болуп.
Жашабай коёт элем бул тозокто,
Эгер мен өлөрүмдү билгенимде?

* * *

Ак деңиздин боюнда бойлобогом,
Ашык ичип жеп-жутуп тойлобогом.
Түлкү болуп бирөөгө жойлобогом,
Жылан болуп жагынып сойлобогом.
Өнөр менен алышып жүрсөм дагы,
Өлөмүн деп эч качан ойлобогом.
Жети күндүн бир күнүн жаман көрүп,
Ушул күнү кетем деп боолгобогом.
Жагынам деп жайпаңдап чоңдоруңа,
Чачтарымдын бырышын оңдобогом.
Жабышкан ой жүрсө да тынчтык бербей,
Өлөмүн деп бир күнү ойлобогом.
Мүрзө аралай баратсаң токтой калып,
Алаканын ааламга жайып коюп,
Бата берээр деген бир ойдо болом.



* * *

Айтсаңар, бул дүйнөдөн ким өтпөгөн,
Бар бекен устун болуп калышкандар?
Төрөлбөй калса керек илимпоздон,
Өлүмгө каршы дары табышкандар?!

Ааламды чапчып турган кимдер алар –
Тагдырдын чеңгээлинде алсыз жандар?
Пайгамбар, падыша же дербиш өткөн,
Кезинде жаратканга жагышкандар.

Жаралбайт, төрөлбөйт го – бул илимде,
Өлүмгө каршы дары табышкандар?!

* * *

Колумдан түшүп кетсе буюмдарым,
Кейибе кыз-кыркыным, кулундарым.
Жетиге чыккычакты көтөргөнмүн,
Силер деп жашаганым, туйгун жаным.

Чакалып кетсем кокус, какап калып,
Терс карап кетпегиле, аркаң салып.
Жүрөгүм төшөй койчум жыгылсаңар,
Дүйнөдө түркүк болбос апаңчалык.

Чалынып кетсем эгер бутум тайып,
Карыган апаңардан кетсе айып.
Колумдан аяр кармап тургузуп кой,
Келиндер койбогула элге жайып.

Өрүлүп кетсе сөзүм сүйлөгөндө,
Калыптыр дебегиле өтө карып.
Карылык баарына эле келе бербейт,
Кезинде өткөн элек өзөн жарып.

Ичер суум, көрөр күнүм бүтүп калса,
Сөөгүмдү молдолорго бербегиле.
Кыргызчалап көмгүлө, үкөлөрүм,
Алпарып Токтогулдун көл жээгине.

## КЛАССТАШТАР!

(Токтогул районундагы Ж.Бөкөнбаев барорто мектебине 1964-жылы 1-класска баргам. Эгер толук окуганда 1974-жылы бүтмөкмүн. Быйыл 50 жыл толмок.)

Токтогулда, Ош, Ноокатта, Жалабат,
Өркүндөтүп билим кенин алганмын.
Баарың түгөл эсен-амансыңарбы,
Кагылайын, алтын классташтарым!

Тал чыбыктай жаштар элек секелек,
Эне сүтү ооздон кетип, кетелек.
50 жылдык маарекеге келгиле,
Классташтар, чөбөрөңү жетелеп!

*1964-1974 "Д" класс.*



* * *

Булбулдарга теңейбиз мыктыларды,
Булбул үндүү дей берип ырчыларды.
Коргой албай тукумун асыл куштун,
Тукум курут кылдыкпы? Турчу нары?

Сандырактап тентиген афган чымчык,
Тукумдарын кырууда булбулдардын.
Кызыл китеп ичинен орун алып,
Каласыңбы жок болуп, кургурларым.

Булбулдардын сөзү бар – салмагы оор,
Чеберчилик, кылдаттык үнүндөгү.
Улуу сезим обонун безеленип,
Бүткүл жанды багынтат дүйнөдөгү.

Булбулдардын тукумун коргойбуз деп,
Булбулдардын тагдырын ойлойбуз деп.
Нечен курдай ойлондум, тыянак жок,
Чоңдор жүрөт өздөрүн торгойбуз деп.

Жаагың сынгыр, тентиген ууру чымчык,
Булбулдардын жүрөгүн өчүрүшөт.
Булбулдардын тукумун уурдап жешип,
Булбулдардын келечегин
Талкалап өлтүрүшөт.
Азайып баратышат кургурларым.
Кызыл китеп ичинен орун алып,
Калдыңарбы жок болуп, булбулдарым?

* * *

Толкун келет бүркөп кабагын,
Бырыш басып чеке, беттерин.
Ачуусуна тийип, жол тороп,
Тепселенип кокус кетпегин.

Толкун менен толкун тебишип,
Деңиз үстү тоодой үймөлөк.
Шамал менен болгон жарышы,
Жээкке жеткен кезде түгөнөт.

Суу үстүнөн басып үйрөнүп,
Бурганакка каршы күүлөнүп.
Океанда, көлдө, деңизде,
Толкун жашап жүрөт түбөлүк.

* * *

Тозоктон мени куткарчы, кудай,
Төктүрүп жашым, кудайчы кылбай.
Токойдон көппү, жасаган күнөөм,
Токмоктоп катуу, төбөмдөн урбай?

Азаптан мени арылтчы, алда,
Адаштым жолдон, алпардың кайда?
Асманга мени учуруп ийчи,
Арман жок жашоо, тынч бекен айда?

Жазамды катуу бердиңби, теңир,
Жашоого жаркын жетпедим, же бир?



Жакамды кармап чыдап келатам,
Жасадың беле – жанымды темир?

## БЕЙИТ

*Апамды эскерип*

*(Эски Токтогул районун көл басып жатат.)*

Көк көйнөк кийген апам келе жатат,
Өмүрлүк жарын издеп көрүстөндөн.
Чийедей балдар элек сөөк казганда,
Артынып сөөктөрдү калтырбастан,
Машина «курзовойго» жүктөп алып,
Кайракка алпарышкан жаңы казган.
«Чоң жолго жакын жерге көмгөн элем»,
Боолгоолоп, жерди тилип буту менен.
Атамдын сөөгү жаткан жайды таппай,
Көк көйнөк кийген апам издей берет.
Элүү жыл мурда казып көчүрүлгөн,
Миңдеген сөөктөрдүн жаткан жерин,
Кайракта тегизделген көрүстөндөн.
Атамды издеп жүрөт көк көйнөкчөн!

* * *

Апа, апо-о, сени катуу сагындым,
Бир көрсөт деп кудайыма жалындым.
Көңүлүңдү көчкөн журттай калтырып,
Арасында жашап жүрөм жалындын.

Апа, апо-о, сенин ширин кебиңдей,
Кеп жок экен бул ааламда тең келген.
Жакшы сүйлөм издеп таппай ырына,
Кызың жүрөт бир сап үчүн сенделген.

Ай уялап асмандагы секиден,
Өмүр өрүш – кертилүүдө четинен.
Апа сенин кетээриңди билгенде,
Бир эркелеп өөп алсамчы бетиңен.

Апа, апо-о, кечир дебейм,
кечирбешиң билемин,
Кандай кормун, көптүгүнөн күнөөмдүн.
Көкүрөктү колго кармап дагдаңдап,
Акынмын деп өпкөлөнүп жүргөмүн.

Бул алдамчы дүйнөдө, сен
бүркүткө айланып
кетээриңди билбегем.
Ойго чумуп, чуңкуруна киринем,
Толкундардын курч жерине тилинем.



Апа, апо-о, жүрөктү өйүйт ар качан,
Айыкпаган бир арман.
Акыркы кез сени ойлонуп баратам.
Сөздөр дагы сен жөнүндө сүйлөнүп,
Ырлар дагы сен жөнүндө ыйлашат.
Көзүм менен сүрөтүңдү сылаймын.
Ортобузду бөлүп турат булуттар,
Сен алыстап кетпей турсаң эмнеле?
О мезгилим, кайрылсаңчы бир ирет...

* * *

Эмне окуя болуп жатканын,
Менден мурда көрөт каштарым.
Айыбымдын баарын жашырат,
Күнөө кылган болсо жаш чагым.

Көзүм дейин десем, ал уктайт,
Чачым десем – өсөт, кыркылат.
Пешенемде чийме жазууну,
Эки кашым турат калкалап.

Таноом дагы адашпайлы деп,
Дем соруугa алектенишет.
Жалпак бетим дүйнө бейкапар,
Мээм менен уктап кетишет.

Кулагым да угат каңырыш,
Тилимен да кетет жаңылыш.

Жаш көчөттөй жулган каштарың,
Кыйын болот кайра табылыш!

Бир гана каш коргойт, билгиле,
Осмо коюп, багып, сүйгүлө!
Казып тилип, боёп, коздойм деп,
Кашыңарды жулбай жүргүлө!

* * *

Кирпик-кашы жок болсо деле, мына,
"Джоконда" ("Мона Лиза")
Леонардо да Винчи тарткан сүрөт.
Табышмактуу жылмайып,
Түбөлүк жашап жатат картинада.
Доордун генийине суктангыла!

* * *

Жүрөк деле кыйналбайт,
Көзүң деле ыйлабайт.
Уйпаланып ушакка,
Көкүрөгүң туйлабайт,
Эгер кулак укпаса!

Өрттөнбөйсүң сүйүүгө,
Көрктөнбөйсүң күнүгө.
Эч ким көңүл бөлбөсө,
Серт экенин билбейсиң,
Эгер көзүң көрбөсө?



Жакалашып калышпайт,
Шамал эле жортпосо.
Уруш болбойт, тынч болот,
Эгер тилиң болбосо!

* * *

Китеп окуп жатканда,
Сүйлөп ийет ашказан.
Ою кетет талаалап,
Буларды уккан баш казан.
Ачкамын дейт курулдап,
Же токмун деп кекирет.
Ачы дагы, тогу да,
Жаман "мушайт" этишет.
Анан кантип окуйсуң,
Ичиң турса эт күсөп?

* * *

Мен силерге керек болгондо,
Бир заматта кубуласыңар.
Кирип алып дөңгөлөгүмдүн,
Кычыгына тыгыласыңар.

Силер мага керек болгондо,
Падышадай керкейесиңер.
Дарбыз байлап курсагыңарга,
Боозугандай челкейесиңер.

Санап басып, ченеп кадамдар,
Түрлүү болот экен адамдар.
Биликтери кеткен пасайып,
Керек деле эмес – мага алар.

* * *

Өмүрүмдө жашоомдун башталганы,
Өзүм болуп ойнодум баш каармань.
Башаламан кымкуут театрга,
Келдик окшойт ролду аткарганы.

Эрежесин жашоонун жаттаганы,
Сызып салып көңүлгө жакпаганын.
Кудай мени ушинтип жараткан деп,
Жүрөгүмдү булгалап мактанамын.

Көпкө жактым, азыңа жаккан жокмун,
Жүрөгүңөр тар экен – баткан жокмун.
Тар кыяда илинип калсам дагы,
Эң негизи бирөөңү саткан жокмун.

* * *

Колдорун көккө жайып,
Тартайып өскөн дарак.
Жүрөктүн үшүн алып,
Арбайып карап турат.



Кыш келет тилин сунуп,
Дарактын өмүрүнө.
Томсоруп боз чалыптыр,
Бариги кубулгөндө.

Бутактар серпилишет,
Шамалдын ыргагына.
Көйкөлтүп көркүң ачып,
Жаз келет, чыдагыла.

* * *

Жамгырды жааба дейсиң,
Жаабай койсо:
Өсүмдүк гүлүн ачпай,
Куурап калат.
Адамдар мөмө жебей,
Курук калат.
Жеринде кургакчылык,
Чөптөр чыкпай,
Биз сүйгөн кызыл гүлдөр,
Өспөй калат.
Бак ичи булбул үнү
Сайрабастан,
Көч дыйкан бир ордунан,
Көчпөй калат.
Дайрада суулар акпай
Какшып калат,
Кырылат жан жаныбар.

Суу жок болот,
Эгер жаан жаабай койсо.

* * *

Кайгы менен арман да,
Ооpу болот денеңде,
Кирип алат абайла.
Келип турса жашагың,
Унутуп сал, кайгыны,
Азап берген арманды.
Бул жашоодо көрөбүз,
Тагдыр башка салганды.

Ден соолугуң чың болсун,
Кыймылдарың тың болсун.
Мээге кирген “шлакты”,
Чыгарып сал эрте эле.
Жамандарды кектебе,
Карылыкты эстебе.
Үйгө кирген конокту,
Чай бербестен кет дебе.

Чай ичиңиз деген сөз,
Унутулуп баратат.
Кыргыз калкым, оо али,
Кылымдарды жаратат.

Ач калсаң да өлөсүң,
Көп жесең да өлөсүң.



Ошон үчүн көп жебе.
Ашык жесең жайылаар,
Жан кыйнаган оорулар.
Иштен чыгып ичеге,
Кан бузулуп коюлар.

Чеги менен жегиле,
Чеги менен жүргүлө.
Чеги менен аз ыйлап,
Чеги менен күлгүлө.
Ушулардын бардыгы,
Ден соолукка таасирин,
Тийгизээрин билгиле!

* * *

Арак ичип денесин булгагандар,
Арак ичпей балээни ичсин алар.
Ичегилер думугуп бузулгандан,
Иштен чыгып кетишет, кантсин анан?

Алмурут же, карагат, анарды же,
Алма жегин, өрүк же, жүзүм жегин.
Дарбыз, коон, банан же, жаңгакты же,
Жашылча, чөп, жемиштин түрүн жегин.

Арак ичпе, тизмеңен өчүр аны,
Алынбаган аракта өчүң барбы?
Ичип кеттим деп жүргөн ичкичтердин,
Арак жетти түбүнө билдиңерби?

* * *

Ачылбаган бактысын,
Кейип айтып келишет.
А өздөрү таң кечке,
Уктай эле беришет.

Уктагандар бактысыз,
Үйдөн ишин кылбаса.
Иштебесе өмүрү,
Же ыр жаза албаса.

Пенсиясын энеси,
Кимисине жеткирет?
Жатышкандар суналып,
Курсак сылап кекирет.
Илкий басып уялбай,
Акча сурайт экилеп.

Шылтоо айтып иш жок деп,
Ичип келет балдары.
Үйдүн ичи тынчыбай,
Кайым айтыш арбыды.
А энеси чымчылай,
Себелейм деп кыйналды.

Акыйкатты туу туткан,
Айланайын энелер.
Азабыңды көтөрүп,
Кайсы балаң теңелер?



Кек сактаган өзүмчүл,
Кекчилдигин бербестир.
Сага ишенем, жараткан,
Урушканды элдештир.

* * *

Бирди берсем дагы дедиң,
Өзүм деле эптеп-септеп...
Бутум жапсам, башым ачык,
Ары тартсам бери жетпейт.
Азды берсем көптү дейсиң,
Калың экен алдагы бет.
Урап түшүп талкаланды,
Көңүл деген мамлекет.

* * *

Унчукпас камыштар да,
Сыбызгы чертип жатса.
Баш багып тагдырыма,
Кызыгып карап турба.
Ыйласа чөптүн жашы,
Буркурап бетти сылайт.
Оонасак тоголонуп,
Көктөрдүн бели сынат.

Куюндан корккон жокпуз,
Бороонго төштү тосуп.
Тоолорго учуп кетчү,

Жайылган канатыбыз.
Кондурбай – коном десе,
Бакытты ыйлатчубуз.
Өзүбүз жасагандай,
Тагдырды кыйначубуз.
Жаштыкта түбөлүккө,
Калчудай жыргачубуз.

...Жүрөктүн каны менен,
Кайрадан кат жазамын.
Сүйүүдөн жарадармын,
Мен аны жашырбаймын.

* * *

Жакпаган жагым жайылтпай,
Жаманым ичке катып жүр.
Боёлгон кызылооз менен,
Жакшына жагым айтып жүр.
Чачылып кеткен шамалга,
Чачымды аяр сылап жүр,
Жайылып кеткен ырымды,
Чогултуп алып жыйнап жүр.
Жакшылыктарым көп көрдүң,
Эжелеп кээде сыйлап жүр.

* * *

Ашып да ташып кээ бирде,
Ар түрдүү болуп кетемин.



Ар түрдүү болуп кетсем да,
Колумду коё бербегин.
Кыйшайып кетсем түздөгүн,
Планың эрте түзбөгүн.
Кыялым турат өзгөрүп,
Кылыктуу жибим үзбөгүн.

* * *

Баратам, солкулдап баратам,
Көпүрөм сыныктай сезилет.
Мен кулайм, же кулайт көпүрө,
А демек, кулайбыз чогуу эле.

Ырдамын, үйдөмүн, күндөмүн,
Келсеңер үстүмдөн өткүлө.
Мен сынсам байкабай калышат,
Сынбасын а бирок, көпүрө.

Ааламдын чегине жеткирген,
Сынбасын көпүрө, көпүрө!

* * *

Мени жакшы көрбөгүлө,
Мейли мени сүйбөгүлө.
А бирок, ушак айтып
Аркамдан күлбөгүлө.
Үстүмө жалган күнөө илбегиле.
Күнөөмдү бүт көтөрүп

О дүйнөдө күйбөгүлө.
Жакшылар, каңырыш угуп,
Кабыл алып жүрбөгүлө.
Адамдар, кишилигим билбей туруп,
Артымдан күнөөнү үйбөгүлө.

## КАТА

Кийингеним ката,
Сүйлөгөнүм ката,
Күлгөнүм да ката,
Катасыз жүрбөй койдум бар тарапта.
Жазгандарым ката,
Жумушум да ката.
Жаралганым өзү ката,
Катасыз жашаса болбойбу, бу тарыхта?
Эрге тийдим – ката,
Эрден чыктым – ката.
Элирип кетсем дагы ката.
Ката, ката, баары ката,
Төрөлгөнүмдүн өзү ката.
Ту-уй, ата-а.
Кантип аны оңдомокмун, айтсаңар,
Кудай өзү ката кылып жаратса.




## УУЛУМА

Чоңоюп, күзгү карап, атырдан сээп,
Чачыңды кайрып тарап калган кезиң.
Алдыңда келечектен корком уулум,
Азгырып салбаса экен жалган сезим.

Желкеңе жетип өскөн олоң чачың,
Чыгасың досторуңа шашып бачым.
Мен болсо телефонуң окуп жатам,
Кыздардын СМСтен жазган катын.

Кулунум, өмүр жолуң узун болсун,
Кучагың дөөлөт, бакыт, гүлгө толсун!
Курчалып махабаттын шооласына,
Сүйгөнүң түбөлүккө бирге болсун!



# ТОКТОГУЛУМ

* * *

Токтогул – шаары деп – аталган,
Кыштакка жол тартып баратам.
Бүт дүйнө жүзүнө теңдешсиз,
Көрүнбөйт көл баскан кара там.

Чарага куйгансып, айлыма,
Суу куюп толтуруп коюшкан.
Ыйлаймын, өксүймүн, жер чапчыйм,
Ким ушу – жүрөктү ооруткан?

Токтогул шаары деп аталган,
Айылым сыймык да, ардак да.
Чычкандан өткөндө кайрылам,
Оңгобу, солгобу, кай жакка?

Үйүмдү издедим көп жылдар,
Мүшөктөп топтолду кайгылар.
Хан сарай кепем жок, тамым жок,
Жара бар жүрөктү сайгылаар.

Токтогул жериндей жер барбы,
Кайсы өлкө теңешип, менсинет.
Жер-Эне киндиги – ушул жер,
Күндүн да желеси жер чийет.



Суу астын телмирсем басат тер,
Керемет тоом тынч жата бер.
Балалык изимди катып жат,
Кагылып кетейин кара жер.

Жылдызды терем да тереңден,
Атыңды жаздырам эми мен.
Айылсыз мен эч ким, мен бирөө,
Билбеймин, кай жакка тентийм мен?

Жыты бар туулган жеримдин,
Сеземин коңур жел илебин.
Элесин кучактап түбөлүк,
Көзүмдөн өчүрбөй жүрөмүн.

* * *

Туулган жерим жок менин,
Ызасын билсең жайымдын.
Суу ичин ачып түшалбай,
Ыйладым, суудай агылдым.

Көзүмдөн кызыл жаш сызып,
Дайрадай акса кайылмын.
Тургуну болчу ыйлаак кыз –
“Кан Ордо” деген айылдын.

Кайратым, күчүм, кубат жок,
Абасын жутпай айылдын.

Чаңыңды жыттап алсам деп,
Чырылдап жүрүп карыймын.

Ала-Тоо башы кар экен,
Азабым көчкөн жар экен.
Эзилип ыйлап, менчилеп,
Өз жерин сүйгөн бар бекен?

* * *

Чычкан дайра – акырын жай акчу эле,
Чымылдыктай чуркаганы жакчу эле.
Оор тагдырды сүйрөп барып жээгиңе,
Сууларыңды кечип өстүм, жакшы эле.

Каргалар да каткырышчу багыңда,
Сагызгандар шакылдачу шагыңда.
Сен акчусуң көлөкөңдү көрсөтпөй,
Түркүн куштар – үнү чыгат азыр да.

Кооздугуңду айтып бүтпөйм, керилген,
Кылым бою акканыңдан эринбе!
Өлгөн күнү жүктөп келип сөөгүмдү,
Үкөлөрүм көмүп кетет жээгиңе.

Он тогузда кеткен экем, ойлосом,
Кайра келем, төшүң жайып, кол сунсаң.
Бейбаш балдар таш ыргытып кетпесин,
Булбул болуп, бутагыңда олтурсам!

*шт. Иллинойс.*



## ТОКТОГУЛДУН КӨЧҮРМӨСҮ – НООКАТЫМ!

Түбөлүктүү жашыруун сыр жазылып,
Эки асканын ортосунда бар катың.
Өз айылыма окшоштуруп сүйгөнмүн,
Токтогулдун көчүрмөсү – Ноокатым!

Күңгүрөгөн кууш ноого жашырган,
Ал катыңды моюн созуп карагам.
Адигине ордосу бар Ноокатта,
Мен да ошол кан атамдан тарагам.

Демек, биздин байыркы жер Ноокатта,
Не катылган аскадагы ал катта?
Кыбырамдын кыбырасы келет деп,
Балким мага сыр жазылган ал жакта.

Эч ким чыгып жеталбаптыр асканa,
Ошол катты ноодон эч ким ачпаган.
Ордолуу шаар, ооматы бар Ноокатым,
Мен да сенин бутагыңдан шактагам.

# ЫЙЛА КЫРГЫЗ!

* * *

Булуттар ыкшып көрбөй,
Түтүндөн жашып барат.
Кабагын салаңдатып,
Тоолорум башын салат.

Баратып булут минип,
Караймын тоолор жакка.
Айткыла, өкүмдарлар,
Тоолорум неге капа?

Кеп айтсаң баса калат,
Көбөйүп жасакерлер.
Мекенди бийлешеби,
Бандиттер, баш кесерлер?

Мамлекет убактылуу,
Кыйналып турар онтоп.
Чөкпө сен – аман болгун,
Түбөлүк Улуу Тоолор!
Чөкпөгүн, Теңир Тоолор!

*шт. Иллинойс.*



* * *

Өз тилинде булуттар ырдап жатат,
Түпкү тегин кыйкырып даңазалап.
Ыйлап жатат жамгыр да салтын улап,
Кар да төгүп көз ачпайт карашалап.
Бир гана биз улантпай мекен ырын,
Кызыл жерин турабыз тоноп-талап.
Артка кеткен күн кайтып, кайра келбес,
Адам жоктур өткөнгө аттиң дебес.
Өлкөм үчүн жалбырттайм,
жаным курман,
А башкалар эмнеге мендей эмес?!

*шт. Иллинойс.*

* * *

Жерин сатып жаткандар,
Башын чээнге каткандар.
Куучирендер амалкөй,
күнөөлөргө баткандар.

Билеги бар, күчү бар,
Тилин саасаң сүтү бар.
Эл уулдарын камаган,
Биздин «шептер» итибай.

Ак сүйлөсө жекирсең,
Түрмө менен бүтүрсөң.
Аздык болор оо силер,
Бетиңерге түкүрсөм!

Мурун болсоң ит үргөн,
Бүгүн болсо кут жүргөн.
Айланаарсың акыры –
Чүпүрөккө бут сүргөн.

* * *

Ит болсом жара тартып ичиңерди,
Тытмакмын кан жалатып, бетиңерди.
Арманым катын болуп калганымда,
Болбосо алат элем, өтүңөрдү!

Сасыган саясатты жазбайм дегем,
Даңаза кылам дегем бир сүйүүнү.
Арамдар, саясатта сойкуланган,
Коркоктор, ме, кийгиле, турсийимди!

*шт. Иллинойс.*

* * *

Колтуктарга жылып, сойлоп киргичтер,
Кызмат алыш үчүн эле киришет.
Төңкөрүлүп алмашылса төрөлөр,
Эртең аны шыбашаарын билишет.

Бышыксынган жарты мээлер бийликтин,
Убактылуу экендигин туюшат.
Ага чейин кулкундарын кампайтып,
Арам пулду күрөп алып куюшат.



Момун элдин, берекелүү эмчегин,
Муштап-муштап кактап саап атышат.
Төрөлөргө семиришкен букадай,
Айкөл элим, чыдап келе жатышат.

Кызыл кулак болуп алган байлар ал,
Мите курттар мурду менен жыт кууган.
Кесирленип керсейишкен айлакер,
Айткылачы, соргокторду ким тууган!?

* * *

Кан да кетет, бир күнү, кан да кетет,
Кандын артын жышыган – ал да кетет.
Катар-катар куулуп, бороон уулуп,
Кошоматчы бийликтен амал кетет.

Элим, неге бузулду пейилиңер,
Бир бириңди келет го жеп ийгиңер?
Ичи бузук шылуунду шайлай берип,
Араңарда жок беле бийигиңер?

Отуз эмес, жүз жылдап адашабыз,
Иттей үрүп, бир сөөктү талашабыз.
Саясатты жиликтеп, сөгүп-сагып,
Бир туугандар тескери карашабыз.

Ак үй деген түбөлүк коргон эмес,
Так талашуу эзели оңгон эмес.

Кан да кетет куржунун артып алып,
Эч кимиси түбөлүк болгон эмес!

*шт. Иллинойс.*

* * *

Америка дүркүрөдүң, гүлдөдүң,
Бирок, беш жыл жашасам да көнбөдүм.
Индеецтериң жарым сөзү кыргызча,
Кыргыз ээлейт көп бөлүгүн дүйнөнүн.

Өлкө башы чет өлкөнү гүлдөткөн,
Жан дүйнөсү ач эмес ток көрүнөт.
Талап-тоноп, четин оюп жей берсе,
Кыргызстан – качан, кантип өнүгөт?

Ач кишини тоюндуруш оор болот,
Тойгузалбай өлкө дагы кор болот.
Сук башчылар куула берип, акыры,
Түшөр жери, кирер жери тор болот.

Жетесизди сүйрөп келген тактыга,
Бир азыраак элде дагы ката бар.
О дүйнөдө арбак деген чын болсо,
Жандимини кечиришпейт аталар.

*шт. Иллинойс.*



* * *

Мекенин менче сүйгөндөр,
Болбостур, балким болгондур.
Сүрөтүн тартып мага окшоп,
Жүрөккө жазып койгондур.

Дарыя, булак, көк муздун,
Тоолорун айткын, ченде жок.
Кыргыздар доорлоп жердеген,
Мекенден өткөн мекен жок.

Адыры күңгөй, тескейи,
Алмаштырып ийбегин.
Кокту-колот бүт суулар,
Көк иримге тийбегин.

Жолборс, түлкү, калтарың,
Аюу, каман, арстаның.
Бугу, марал, кайберен,
Бирөөнү да атпагын.

“Кашка акын” деп атымдын,
Эр токумун токуп кой.
Жазылган ушул ырымды,
Жүз жылдан кийин окуп кой.

Күпүлдөп аккан оргуштап,
Күлүгү болот ойдун да.
Сүйүктүү менин мекеним,

Жүз жылдан кийин ушинтип,
Тураар бекен ордунда?

*шт. Иллинойс.*

## ЫЙЛА КЫРГЫЗ!

- Биз эмнеге ыйлайбыз?
Өз жерибиз, өз журтубуз турса да?

- Анда неге, чет өлкөгө агылып,
Жумуш издеп, бакыт издеп чачылдык?
Биздин гана жерлерибиз сатылды,
Биздин гана эрлерибиз атылды.
Өз колунан кыргыздын.
Тээ тетиги жайнап жаткан мүрзөлөр,
Уулдарыбыздын мүрзөсү!
Биздин гана кыргыздар
Салтын чанып жайпактап,
Тилин чанып жалтактап,
Башка өлкөнүн эски салтын колдоду.
Теңирчи деп өзүбүздү,
Өзүбүздүкүлөр кордоду.
Бизде гана дүңүнөн кыздар жатат,
Энелер,
Эжелер,
Темир тордун ичинде.
Алар чынчыл, алар баатыр, алар от!
Темир тордон суурул чыгар кыргыз жок!



- Анда ыйла!
Турган кезде ал куруп.
Ыйла Көлүм,
Толкунуңду ташка уруп.
Ыйлагыла, Бүт Дүйнөдө кыргыздар,
Отуз жылда оңолбогон, эми кантип
оңолдук?

Ар бир кыргыз көзүңөрдү ачып кой,
Ырларымды жүрөгүңө жазып кой.
Бул ырларым меники эмес, баарыңкы,
Намыс үчүн, көкүрөктүн бир жерине
катып кой!

Ыйла кыргыз, бүгүң чыксын,
Түркүк болуп асманды тиреп турган,
Теңир Тоону кучактап.
Ыйлагыла!



# НА-А-М!

* * *

Менден начар жазгандар дүңүнөн наам алып жатышты. Мени болсо такыр эле көрбөй коюшту. Балким, акчам жок үчүндүр!? Азыр акчанын заманы экенин ким билбейт?

Ыр, проза жазгандан сырткары деле коомдук иштерди активдүү аткарып келатам. Мен кылган иштерди көбү аткара элек. Наам берилээр астында президенттин жарлыгын андышат экен көбү. Ошо жарлык каякта жарыяланарын да билбейм. Атактуу бирөө ошо жарыяны күтүп отуруп, ал чыккан күнү тизмеде жок экенин көргөндө жүрөгү жарылып кеткенин уктум эле. А менин жаман фамилиям дегеле тизмеге кире турган эмес. Анан эл Фейсбукка бөлүшүп жарыялаган жарлыкты тиктеп отуруп жылда бирин-серин ыр жазып койчумун. Албетте, бир аз ызалык пайда болот дечи, "Кардыма эмес кадырыма ыйлайм" дегендей.

Азыр болсо наамды эмне кылат элем деп ойлоп, күлүп отурам. Ал бир кагаз да, Жумадин Кадыров үкөм айтмакчы!

Наам десе эле ойлошот "Эл акынын" күтүп жатат окшойт деп... Жок, мен катардагы эле Ардак Грамотаны ала элекмин десем ишенишпейт. Ушундай кым-куут учурда, баарын



акча чечип жаткан мезгилде кудай берген өмүрдү наамсыз эле сүрө берейин! Эгер жазган чыгармаларымды эл окуп жатса, андан өткөн бакыт, наам, даража, сыймык жок!

Ошондогу жарлык жарыялангандан кийинки ызалыкта жазылган ырлар:

* * *

Ыр жазам дедим, барпырап айлам,
Жардамга келди бүтүндөй Аалам.
Азап беришти, арман беришти,
Жүрөккө чийин тартып келишти.
Айлана-чөйрөм жарылдап атат,
Ушу кыз качан алат деп бир наам?

* * *

Мармар үйдө чоң болуп иштегендер!
Неге мени билбейсиңер?
Ойда-а эмгек жасаптыр деп,
Бир кагазды бербейсиңер?
Эшик ачып гүл бакчама,
Сергиш үчүн кирбейсиңер.

Курсак байлап ак тамда иштегендер,
Кагаз бер деп силерге тирешпейин.
Бир куплет, алты сап ырым үчүн,
Кагаз сурап темтеңдеп илешпейин.

Элге ишенем, жаркылдаган эл турганда
сураганым чекилик.
Ырларымды окуп турса эрте келип,
кеч келип.
Ошол мага элим койгон
Күмбөзүмө эстелик.

* * *

Эгер мени көрбөй жатса бийлик жак,
Көрсөткөнгө ортобузда илмек жок.
Жок экеним, бар экеним билинбейт,
Же БУ КАРА өйдө жакка ийилбейт.

* * *

Бир тамчы жаш түшүп кетти көзүмдөн,
Бир каталык кетип калды өзүмдөн.
Атак күтүп эмне кылам, келесоо,
Жаралганым чындык болсо көзүрдөн!?

Асман, деңиз – окшош болсок үчөөбүз,
Көктүгүбүз үчүн көпкө түтөбүз.
Пешка сындуу майдаланбай согушта,
Король болуп жеңиш менен бүтөбүз.

Көрүнбөгөн, билинбеген жан дүйнө,
Бир булк этсе жаман экен оорушу.
Актык менен тазалыктын символу –
Жыргал экен, мен бараткан жол ушу!



* * *

Көп сөздөрдү шыпырып айдап келдим,
Кулагына сыр салып байлап келдим.
Сөздөр менин байлыгым – тийбегиле,
Бир сөз үчүн – бүт өмүр кайнап келдим!

Ооздон чыккан жалынды чачылтайын,
Сөздүн гүлүн ысытып ачылтайын.
Кенен ачтым жүрөктүн кең талаасын,
Кайрылып өт, окурман, асылтайым!

Ардак наамы жок дешип чапкылашты,
Арты-алдымды булгабай, качкылачы!?
Ушакчылар биригип, бүт баарыңар,
Бурулкандын бир ырын жазгылачы?

«Бурулканбы? Койчу аның жинди дейсиң»,
Соо сенсиңби? Ушунча ириңдейсиң!
Бүт дүйнөнү өзгөрткөн кемеңгерлер,
Жиндилерден турарын не билбейсиң?

Кичинекей үйүмө аалам батат,
Коюнумда толтура алтын жатат.
Аны билбей... ойготуп албагыла,
Тар үйүндө акындын алпы жатат!

* * *

Өчпөсө экен бир наам үчүн ындыным,
Кайталангыс экенимди, бил, кылым!

Үмүтүмдү жүктөп алып жөнөдүм,
Акыркы ырым болбосо экен бул ырым.

Алоолонтуп жалын кошуп жибердим,
Көкүрөктөн ашып-ташып бүт кебим.
Гүл өстүрүп жүрөктөрдүн ичине,
Акыркысы болбосун бул китебим.

Ак кар эмес, жылдыз болуп жаап жатам,
Жылдыздардан сүйүү отун жаратам.
Өкүнүчтүн толкунунда олтуруп,
Мезгил менен агып кетип баратам.

* * *

Апа, апо-о, мен бактысыз кызыңмын,
Азоо үчүн катарымдан сызылдым.
Кичинемде сенден жесем келтекти,
Азыр батпай, кең ааламдан кысылдым.

Дем алсам да башаламан дем алам,
Дыйкан эмес акыл жактан кем балаң.
Кудайга да күнөө кылып, бежиреп,
«Төрөбөйле койбоптурсуң?» деп алам.

Кар билген жок тебеленип каларын,
Эгер билсе түшпөй коймок асмандан.
Ак жүрөгүм солк деп бүгүн, апам ай,
Кардай эрип кетээриме аз калган.



Жок апаке, жаңылыпмын, эл турат,
Коргоп мени ач көз, жутум, кастардан.
Сен тынч укта, жаман кызың жүрөт да,
Түшпөй койбой, – деп өкүнүп, асмандан...

## О, САРТТАРЫМ, КЕЧИРГИЛЕ!

(Мен сарттар уруусунун кызымын. Аны кээ бирөө түшүнбөй сарт окшойт дей беришет.)

О сарттарым, тууган элим! Алыста
ак кызыңар жарабады намыска.
Кызыл Тууну көкөлөтүп келатып,
Кулап түштү мөөрөй алар жарышта.

Күлүктөрдөн озуп кетсем күркүрөп,
Кереметтүү даңкан атып дүркүрөп.
Тизеге чаап, бут тоскондор аттиң ай,
Адамды эмес, асманды да үркүтөт.

Төрөлүпмүн ырга учкашып, ойдо жок,
Таптап койгон чабандесим болгон жок.
Жердин үстүн каптаса да көз жашым,
Өрт кызыңар өжөрлүгүн койгон жок.

Кечиргиле, бир тукумдаш сарттарым,
Атыңарды көкөлөтө албадым.

Намысымды тебелешти, челектер,
Ардануудан өксүп турат абалым.

Асман, аалам адашканын койсо го,
Ырдын пири коюнума толсо го!
Ак кызыңдын агып жаткан көз жашын,
Аарчып коёр бир адамзат болсо го!

Жер айланса бир огунда калтаңдап,
Устун болуп түбөлүккө ким калат?
Көралбастык, ичи тардык бекиптир,
Абалтадан канга сиңип жин адат.
Кечиргиле, сарттарым!

## НА-А-М!

Поэзиянын кетирип наркын, кутун,
Арты артынан элдик наам алып утур.
Таланттуунун тагдырын, ай-хай-латып,
Талантсыздар талкалап жаткан учур.

Таанышына ишенген талантсыздар,
Таразалаар мезгил бар, байкаңыздар.
Окугандын жүрөгүн иренжитпей,
Караңыздар, тазабы арканыздар?

Бийлик бар да колунда, мейли, кутур,
Үсту үстүнө сыйлыкты алып утур.
Талантуунун балта чаап тагдырына,
Талантсыздар талкалап жаткан учур!



* * *

Тулпарым бар, атым жок,
Турагым бар, затым жок.
Үмүт кылсам ак үйдөн,
Бир ууч талкан татым жок.

Ак кагазды сурайм деп,
Ак көйнөгүм чаң болду.
Бир кагазды бере албай,
Өкмөт башы маң болду.

Толкунум бар, зарым жок,
Токочум бар, наным жок.
Чок акындан коркушкан,
Чоңдор сенин жаның жок.

Бүркүтүм бар, куум жок,
Өзөнүм бар, суум жок.
Желбиретип желекти,
Көккө саяр туум жок.

Дарамат бар, дары жок,
Дарыям бар, шары жок.
Бир кагазды сураган,
Бурулкандын ары жок!

* * *

Азапты көрүп ободон,
Айырмам болбой кинодон.
«Сеп» этип коюп жүрөмүн,
«Жалгыздык» деген пиводон.

Адамды тандап элеген,
Ары жокторго тең белем?
Генерал болор кезимде,
Эфрейторго теңеген.

Ойноок кез агып сел менен,
Ортодо келем эл менен.
Жомоктой кыргыз жеримдин,
Жоокери болсом мейли мен!

* * *

Толкундуу ой үстүндө,
Ыргалып термелемин.
Билдиңби, билбедиңби,
Адамдар иргелээрин.
Өзүмдөй арстан аял,
Өмүргө бир келээрин.
Кымча бел ошол аял,
Кысылып автобуста
Ыр менен термелээрин.
Жакшыдан үмүт үзбөй,
Колунан калем түшпөй,



Кол шилтеп кетип барат,
Ак үйдөн наам күтпөй...

* * *

Жаман жерде жашагандар,
Жакшы ырларды кайдан жазат?
Таштандыны төккөн жерден,
Алтын кенди кантип казат?

Оор жашоодо жашап жүрүп,
Калпты чын деш – акым барбы?
Оппозит деп бөлүп коёт,
Чын сүйлөгөн акындарды.

Жагыш үчүн жалган жазып,
Наам алууга акым барбы?
Адам дебейм жойпуланган,
Эки жүздүү акындарды.

# АК ЫРЛАРДЫН АГЫШЫ

* * *

Кеттим, чыктым... алыс жолго,
Жалгыз кеттим, коркподум.
Кеткин деди, чыккын деди,
Жүрөктөгү отторум.

Кетенчиктеп турган жокмун,
Тайсалдабай жөнөдүм,
Бирок, ордум кайсы жакта,
Таба албадым, билбедим.
Жалама зоо артым, алдым,
Куйкалашты күйбөдүм.

Пайдаланып калышкан жок,
Көкүрөктө
Балкып жаткан дүйнөмдү.
Арка-далга бычак уруп турушат,
Акындардын түрлөрү.
Жалгыз калдым, асман ичи күңгүрөйт.
(Мынча неге дүрбөлөң?)
Жүрөктө от күйүп жатат дүңгүрөп.
(Ал ким, сени сүйбөгөн?)
Жылдыздар да уйкусурап үргүлөйт.
(Атагына түкүрдүм!)
Айды карайм, анын дагы
жартысы жок,



Сынып калган өңдөнөт.
Мейли дагы чыдай турам,
Тарасын деп караңгы.
Сен эртерээк чыкчы күнүм дөңгөлөп.
Сен чыкканда кимдин кими билинет.
Жагалданып жалган атак алгандар,
Толуп кетти кибиреп.

* * *

Жылдызмын... Жалгыз турам...
Бөлүнүп жылдыздардан жылтыраган.
Алар мени бөлүп койгон,
Погонуң жок экен деп «нымтыраган».
Нымтыраган погонум болсо дагы,
Жулуп алып ыргытмакмын.
Колумдан келсе эгер,
Погонду саткандардын
Терисин тескери сыйрытмакмын!

Мен өлсөм погону жок көмүлөмүн,
Жымыңдап жалгыз күйүп асманымда,
От жанат Ак-Өргөмдүн таштарында.
А силер өлгөн күнү,
Наамыңар кошо өлөт.
Ошол күнү унутулат таскагыңар.

*шт. Иллинойс.*

* * *

Ыр окусам көз карашың жымың-жымың,
Жымың эле.
А азырчы, “смертельный” көз караш.
Ал көз караш неге өлгөн?
Себеби, сенде наам,
Бийик болуп даражаң,
Калыс болуп карасаң:
Наам алсаң да менден начар жазасың.
Мени менен жыйындарга баргың
келбей качасың.
Бу Караны келбесин деп,
“Мафияңа” айтасың.
Дүжүр болуп алгансыңар
Жазмакерлер үйүнө.
Админсиңер түшпөс хан.
Адабият столунда чайды чогуу ичебиз.
Эл акын сен, мен “простой”,
тынбай аккан дарыя.
Сеникинде ит өлгөн бир “мафия”.

Сасыбагылачы, алгансыбай күн төрөп?
Кыртышыңар кылтыңдап мени көргөн
жерде өлөт.
Турмуш али үлгүрө элек аныктап,
Ким көчөт да, ким өчөт?
Ага чейин топурабай тургула,
Татыксыздар эки боо,
Каптайсыңар алды-артыман жагып өрт.



* * *

- Эмне кылып олтурасың, э досум?
- Э дос, жүрөм, жүрөм да.
Өтүп кеткен жездеме,
Көз көрсөтүп келдим да.
Тагамдын да баласы өтүп,
Курбумдун да ашы өтүп.
Жетиштирип бардыгына үлгүрүп.
Аз-аздан жеп, көп жүгүрүп.
Тозогумду билгизбестен,
Шайыр жүрөм күлдүрүп.
Олтурам да,
Эми тойго эмне кылып барам деп.
Акча деген ачат экен абийирди.
Жүрөм дечи, сыр алдырбай,
Уучтап коюп сабырды.
Күндөр шуулдап өтүп жатат,
Кечти күтүп, таң атырып...
Карыз алып тойго бардым,
Акчам жогун жашырып.
Эми болсо үйгө келип,
Жаман чалды жаткырып.
Түн күзөтүп олтурамын,
Гайкасы бош шалактаган,
Мас ырымдын бурамасын катырып.

* * *

Келдиң мына, азыр кечем башталат,
Ыр окуймун сени карап, акмалап.
Тогузунчу катардасың сыр бербей,
А аялың жанында го чалкалап.
Кол чабалбай же күлө албай,
кыйналасың эй жетим.
Анан эмне аны апкелдиң ээрчитип?
Сен тааныган ырды окусам,
башың кулайт шылк этип.
Аялыңан жалтактаба, коркпо дейм,
Сенден башка эркек менде жок бекен?
Гүл бакчамды мейли койгун гүлдөтпөй,
Жүдөтпөй да, сүрдөтпөй,
Бар чыгып кет!

* * *

Жүрөгүм жалгыз эле болуп калган,
Жапжалгыз жүрөк менен канчооңорду
сүйүп калгам.
Сөздөрдүн эң кымбатын силерге
берип салгам.
Баарыңа бөлүштүрүп берем десем,
Баарыңар башка катын алып алган...

Аларды сүйбөй туруп үйлөндүңөр,
Сүйөм деп сыр алдырбай түрлөндүңөр.
Балалуу болуп калып байландыңар,
Аялга эмес баладан айландыңар.



А азыр беттешип калсак кокус, арканарды
саласыңар.
Акынды алып алсам, ит болмок
экенмин деп,
Артымдан сөөмөй сайып көрсөтүп
каласыңар.
Бир кездеги сүрүмөн шапкеңер
кулап кеткен,
Жайнаган нурду төгүп чекеңерге –
Кайран акын силерге
Ырды жазып жүргөн экен.
Жүрөгүм иий, байкушум,
Ичикий, үшүп кеттим.

* * *

Мезгил мени тоноп турат,
Чачым, кашым, көздөн нурум.
Тиштерим,
Мүчө башым, келбетим.
Үн чыгарып кубулжуган сөздөрүм,
Өзгөрүлүп ыраңым.
Тартып алып бүт баарын,
Тоноп турат мезгилим.
Кетип барат жоголуп көңүл черим.
Өзгөрүлүп жүрөгүмдүн кагышы,
Нугун бузуп дарыянын агышы.
Күн бүркөлөт сурданып, булут толкун.
Адамдардын калпынан иренжиген,
Тагдырдын да жүрөгү олку-солку.

* * *

- Ии, кокуй ай, эмне болду?
Башыңбы?
А сенинчи?
Жүрөгүңбү?
Ичиңби? Кулдурайбы? Бош беле?
Бутуңбу же?
Көп кыймылдап, түшүмүмдөн тергиле!
Ал – ырларым – терапия,
Ич, жуткула, келгиле!

Бир, эки, үч дегенде басылбаса,
Дары берем бир куплет таблетка.
Колду чаап,
Күлүп туруп жуткула.
Терапевт ырларымды уккула!
Бош ичиңер толо түшөт, анык ал.
Чуркап-чуркап жүгүрүшөт каныңар,
Оорубасын жаныңар!

Айт, айткыла, дегиле?
Тартынбастан түшүмүмдү тергиле!
Ал ырларым – терапия,
Бекер берем, келгиле!



## ЖЕР ЖАЛГЫЗ – КУДАЙ ЖАЛГЫЗ!

Жол калды. Тоолор калды. Бактар деле...
Ай гана ээрчип келди чет өлкөгө.
Күн деле тийет экен ушул жерге.
Мендик деп талашканга болбойт экен,
Кудай да жалгыз эле – билгендерге.
Энчилеп, ээлеймин деп жүрүшкөндөр,
Билгиле, билгиле!
Баарыбыз тең Жер Эненин балдарыбыз!
Туулуп жер үстүнө,
Көмүлүп жер астына,
Жерден безип эч жакка баралбайбыз.
Жер жалгыз!
Кудай жалгыз!
Ушуну түшүндүрүп beралбастан,
Кар болуп ээрий берем ичимде эле.

*шт. Иллинойс.*

* * *

“Ооо-ууу” дедиң мени көрүп,
“Ого-о” дедим сени көрүп.
Келатасың мен отурган ордума,
Мен да туруп чыгып келдим тобуман.
Кучакташтык чапталышып,
Тааныгандар карап жатат таң калышып.
“Кантип эми учурашат уялбай?”
Уялбадың, чалп-чалп өптүң...
Мени ушактап жебиреген оозуң менен.

Туздан катуу жеген белең,
Илебиң не шор сымал?

* * *

Өтө күчтүү бир акын бар,
Өмүр жашы өткүчөктү,
Өтүкчү болуп иштеген.
Ырларын да ката жазган,
Мектепти да чала окуп,
Оор жылдарда торолуп.
Азып дагы, оңолуп.
СССРден куулуп кетип,
Американы гүлдөткөн.
Атагы бар таш жарган.
Нью-Йоркто чогуу жүргөн,
Есениндин досу экен.
Анын аты Мани Лейб.
Америкалык окурмандар
Ырын окуп жактыргандар,
Үйүн сатып беришкен.
Анын жалгыз күнөөсү эле,
Еврей болуп калганында.
“Мен – акын-өтүкчү эмес,
Мен – өтүкчү акынмын”
деп жар салган.
Өтүкчүнүн ырларын,
Дүйнө жүзү окуп жатат.
Еврей деп эч ким бөлбөй,
Рифмасын мактап жатат.



# ПОЭМА

## УЧКАН-БЕЛЕС

*(поэма)*

- I -

Бай – кедей заманы да өткөн экен,
Кедейлер нени гана көрбөдү экен?
Карөзгөй кайрымсыздар элди эзген,
Жосунсуз кылыктары – өнөрү экен.

Жылдыздай ыксыз эле чачылышты,
Куураган кембагалдар кыйналышты.
Алам деп дирилдетип сүйрөп кетип,
Кыздарын солкулдатып ыйлатышты.

Кырышты кайберенди ууга чыгып,
Чарчашты күн баткыча бел ашышып.
Үйүнө бир байкуштун түшүп калып,
Түнөштү уудан кайтып келатышып.

Кыздарын бекиткенге үлгүрүшпөй,
Күүгүмдө карашалап калган экен.
Эмесе баяндайын окуяны,
Бул дүйнө чын го десем, жалган экен.

- II -

Бай киши сулуу кызды жандай басты,
Байлыгы унутулуп оозун ачты.
Акчаны санап берип энесине,
Жаш кызды эртеси эле алып качты.

Жаш чырпык боздоп ыйлайт, анан эмне,
Күчү жок. Болсо чатак салат эле.
Сүйгөнү кой кайтарып кетип калган,
Болгондо арачалап калат эле.

"Жанар тоом жарылганын билбей калдың,
Жаркыным, нике шакек кийбей калдым.
Апакең катып жүргөн ак жоолугун,
А түгүл желкеме да илбей калдым".

Койчуман эч капарсыз тоо жаңыртып,
Сүйгөнүн сагындым деп ырдап жатат.
Сүйгөнү байдын ачуу чеңгээлине,
Чалынып, апакелеп ыйлап жатат.

Ышкырат карышкырдан койду кууп,
Ыштандан бошоп турган боосун бууп.
Канкакшап ошо кезде жан сүйгөнү,
Кан болгон ич кийимин жатты жууп.

Сүйгөнүм келип кет деп обон салат,
Үнүнөн шамал онтоп, тоо жаңырат.
Жай бүтсө барып калам күтө тургун,
Жалжалым, ага чейин тур саламат.



Имере тартып алып ыктасам ээ,
Аймалап алкымыңдан жыттасам ээ.
Айдайым, аңтар-теңтер бул дүйнөдө,
Жаныңдан жарты карыш чыкпасам ээ.

Дүйнөнүн сенсиз болбойт жылуулугу,
Көрүнбөйт башка кыздын сулуулугу.
Сен менен өмүр бою башты байлайм,
Чүрөгүм, бизге аксын суунун нугу.

Кагылам, асыл сүйгөнүм,
Капаны ичке үйбөгүн.
Кечикти тоодон келбейт деп,
Кабакты катуу түйбөгүн.

От күйөт, очок жагылат,
Тоодон таш кулайт шагырап.
Тоң түшсө барат сүйгөнүң,
Тосуп ал жаным жадырап.

Өзүңдү көрбөй күн өттү,
Сагыныч эзди жүрөктү,
Барарым менен баш кошом,
Кудайым берсе тилекти.

Жайлоодо жайнап таң атат,
Жагалмай жайсап каратат.
Эстеген сайын сүйгөнүң,
Эзилип кетип баратат.

- III –

Арадан бир ай өттү, отуз бир күн,
Күн өтпөй жылга айланды жигит үчүн.
Жаш сулуу азап чегип, айласы жок,
Чыгарат ыйлап-ыйлап көздөн күчүн.

Бай болсо келинчекти эрмектеди,
Тиштеди тамагынан, эмчектерин.
Кул кылды, уруп тебет, жыланачтап,
Айрыды каалаганча этектерин.

Кыз эле үлбүрөгөн тоо гүлүндөй,
Бир күнү үзүп кетти жоо билинбей.
Акчага кантип кызын алмаштырды,
Энеси жүрөгүнөн жүз тилинбей.

Жүрөгү эмнегедир уйгу-туйгу,
Койчуман бир ордуна батпай турду.
Энекем эсен бекен, сүйгөнүмчү,
Кеч кирбей же таңы да атпай турду.

Атасы киши колдуу болгон кезде,
Ымыркай болгон экен бир жашта эле.
Энеси жалгыз уулун жалгыз багып,
Чыкпаптыр уулун аяп турмушка же...

Энеси уулун аяйт жалгызым деп,
Энесин уулу аяйт жарыгым деп.
Мал-келди, көрпө-төшөк баарын камдап,
Эртерээк үйлөнө көр карыдым дейт.



Кыз-жигит сүйлөшкөнүн баары билди,
Убада-шертин айтып, бекип сөзү.
Жакында үйлөнөм деп, күндү санап,
Сагынып сүйгөн кызын жүргөн кези.

- IV -

Таалайсыз күндөр өтүп бир итабар,
Тарады кыз келатат деген кабар.
Окуя желдей учуп койчуманга,
Жетиптир кыз башына келген абал.

Кулагым калбайт белең дүлөй болуп,
Калдыбы жарты болуп дүйнөм соолуп.
Мен кантип билбей калдым тоодо жүрүп,
Атын чаап келе жатат жүрөгү ооруп:

Жырткычка жем боломбу, жетпей алым,
Таладың, ичип келдиң канча каным.
Жетишет бала кезден көргөн тозок,
Боздотпо, кагылайын жаратканым.

Жардылык калчылдаттың, тебелеттиң,
Айыбым, итке минген кедейликпи?
Өзөктү убайымга мала коюп,
Тагдырды байга салып береликпи?

Шашпа деп жасакерге муштум түйүп,
Чапандын учу менен жашын сүрүп.

Ким билсин ошо тушта койчумандын,
Жатканын жүрөгүндө күрөш жүрүп.

Бир жаным аманат деп, мойнун ийип,
Кыз качты байдын күлүк атын минип.
Күндө эле ур-токмокко чыдабады,
Калганда жетип келди күүгүм кирип.

- V-

Кыз жетти, сүйгөнү да жетип келди,
Жуурулуп эки дене, жаштык деми.
Куугунчу келе жатат аркаңарда,
Болгула, тоону көздөй качкын дешти.

Кедей кыз, жетим бала көшөрүштү,
Бейишти тирүүбүздө көрбөйбүзбү?
Чабышты тоону көздөй, аба жиреп,
Буйрусун кудай бизге өргөбүздү.

Артынан куугунчулар чаап келатат,
Куугунду башка жолго адаштырат.
Акактап тоо үстүнө чыккан кезде,
Сөгүнгөн бай жаактарын кабыштырат.

"Түшүштү ушул жерден тоо ылдыйлап",
Көрсөттү кыз тараптан, жалган ыйлап.
Мен деле түшөм анда, атын жээлип,
Бай кетти жер кыймылдап,
тоо кыймылдап.



Кокуйлап куугунчулар кармайбыз деп,
Төртөө тең аты менен кулап кетти.
Тоо үстү жайык эле ат баткыдай,
Капыстан жээги көчүп, урап кетти.

Кыз-жигит кеткен тарап – болчу башка,
Токтошту баш калкалап бир чоң ташка.
Дүкүлдөп жүрөктөрү алып учат,
Тоо ашып кетиш керек таң атканча.

- VI -

Бу тоонун аты болот Учкан-Белес,
Бул жерден эч ким тирүү чыккан эмес.
Жандарын жаратканга тапшыргыла,
Кеткендер бул дүйнөдөн кайра келбес.

Аксакал айтып коюп кайып кетти,
Бардыгы байдын ишин айып этти.
Жөө-жалаң араң жеткен кулдарынын,
Түтөктөп мурундары, шайы кетти.

Жеткендер бай айлына өкүрүштү,
Байынын кылыгына өкүнүштү.
Ызы-чуу, кымкуут түшкөн аялдары,
Боздошту кошок кошуп өкүнүчтүү.

– VII –

Күн бүркөө, кээде ачык, нөшөр төгө,
Качырат жамгыр сабап койду төргө.
Жер жашыл суугарылып, көкмөк майсан,
Бул дагы койчуманга сырдуу төлгө.

Чер токой, күмүш токой аалам курчап,
Ак мөңгү чокусунда тоңуп турат.
Суу агат ак булактан мелмилдеген,
Аскада бүркүт шаңшып конуп турат.

Күн чыгат тоону жарып, ачык асман,
Булбулдун сырдуу үнү жарпты жазган.
Кыз-жигит бирикkенге көп жыл болду,
Козголгон жылдыздар да ордун тапкан.

Короосу малга толгон тоолук жигит,
Салмактуу кебин баштайт уулдарына.
Тоосуна байланыштуу дастанды айтат,
Кайрылып оо качанкы жылдарына.

Сүйкүмдүү сүйгөн жары, беш уулу бар,
Эң чоңун үйлөнтөм деп калган чагы.
Бир кезде азап-тозок унутулуп,
Өлкөдө совет доору жаркылдады.

Улуусун жакшы көрөт, ойго чөгөт,
Көкүрөк мыжып турат: “айлам эмне?”
Окшошуп бара жатат Учкан-Белес
тоосунан кулап өлгөн бай кишиге.



Кайгылуу күлгөнү да, жылмайганы,
Ой басат күндөр өтүп улгайганы.
Жайдары жүрсө дагы сыр алдырбай,
Билгизет оор үшкүрүп кыйналганы.

Жүрөгү күндөн күнгө үкү-түкү,
Күндөрү унтулса да өкүнүчтүү.
Балдарын айлына эч алпарган жок.
“Эл оозу элек” дешип өтө күчтүү.

Балдарын эчтекеден кемитпеди,
Өстүрдү ынтымактуу, кейитпеди.
Улуусу атын чаап, койду кайрып,
Ойнотуп бөбөктөрүн эрикпеди.

Жанында жакшы көргөн алган жары,
Кар эмес кабагына күлкү жаады.
Унутулуп баратса да Учкан-Белес,
Уулунун окшоп турат бүткүл жагы.

- VIII -

Жакага түшүшкөн жок, бир да жолу,
Жердеди кытай менен чектеш тоону.
Кытайлык кыз алперип баласына,
Кой багып тоодо калды биротолу.

Тагдырдын казанында кайнап жүрөт,
Койлорун кошкула деп айдап жүрөт.

Бармагын барча тиштеп, сырын бууп,
Дүпүйтүп канжыгага байлап жүрөт.

Толтурса айдай жары кеменгесин,
Тагдырды кантип анан жемелесин.
Тарс катып чарчаганда уктап кетет,
Кучактап бай кишинин небересин.

Кайнаган күндөр өтүп тоо ичинде,
Оркоёт Учкан-Белес аска тарап.
Кээде эле кабак салып, улутунуп,
Муңайым моюнун созот артка карап.

Маалымдап булак сүйлөп өз тилинде,
Жашырып көп тарыхты ала жатат.
Небере, чөбөрөнүн кучагында,
Дуулдап өмүр өтүп бара жатат.

Жарылат тоо ичинде жини келип,
Чагылган жымжырт түндү жара тилип.
Асмандын ичин көлгө окшоштуруп,
Булуттар сүзүп жүрөт баарын көрүп.

***Аягы***



# ЭСКИ ЫРДАН БИР АЗ ҮЗҮНДҮ

*(Колума тийген 14 эски ырды киргизип койдум.)*

* * *

Ким сурады?... дарегимди жазгыла:
«Тынчтык» шаары, «Поэзия» көчөсү.
Аралап өт «Махабаттын» бульварын,
«Сүйүү үйү» – мен ал жердин төрөсү.

Ким издеди, дарегимди алгыла:
«Кыргыз жери, махабаттын өрөөнү».
О секетим, чымын болсоң шыптагы,
Мен боломун чымындардын көгөнү.

«Гүлдөрүңдүн гүлдөрүнөн садага,
Жыттатып кой, таркайт – дейсиң –
жан ыза".
Сен сүйүүнүн кулу болсоң, секетим,
А мен болсо сүйүүлөргө падыша.

Кучак жеткис кубанычка толомун,
Кезиккенге сөздүн таап оролун.
Кол чапкыла, дүйнөдөгү жап-жалгыз,
Мен сүйүүнүн падышасы боломун!

* * *

Ажыдаарды «ап» деп жуткам кезинде,
Дүмбүлдү да бышырчумун демиме.
Ыр периси алып кеткен азгырып,
Поэзия дайрасынын жээгине.

Балга айланткам арыктагы кир сууну,
Чыйралганмын жаман көздөр аркылуу.
Байкабастан жибериштти учуруп,
Аба тилген ыр канаттуу – ак кууну.

Арай көздөр чарай болуп иришет,
Кеч таанышып атагымды билишет.
Азыр эрте, бороон-чапкын токтосо,
Баатыр кыз деп сүрөтүмдү илишет.

* * *

Автобуста үзүлүп түймө-бүчүм,
Бут тепселет түрткөнгө жетпей күчүм.
Үн алгыда созолоп ошо тушта,
Менин ырым жаңыртат салон ичин.

Шоопур аке, акча деп чебеленет,
Акчасызды тумшукка уруп ийет.
Ызы-чуудан угулбай салондогу,
Менин ырым мен менен тебеленет.



* * *

Күбө, күбө, күбөдүр,
Күбөлүккө жүрөдүр.
Күнөөсүнө күйөөмүн,
Күнү бою күлө жүр.

Эсен, эсен, эсен соо,
Элибизге жетем соо.
Эңгиреткен эсимди,
Эрим менин келесоо.

Жанып келе жатыры,
Үйүмдөгү үч билик.
Денемдеги тактарым,
Күйөөм кылган итчилик.

Күйөөм күйөө – күйөөдүр,
Күйүт башка үйөдүр.
Кылыгына күйөмүн,
Кылым бою күлө жүр.

* * *

Сүйрөлгөн бирөөдөн,
Сүйбөгөн күйөөдөн,
Сүймөнчүк балдарды,
Төрөгөм, төрөгөм.

Гүл болдум таштагы,
Сүйүүмө баштагы,

Талпынып жетпегем
Он сегиз жаштагы.

Кайдасың он сегиз,
Билгизбей көптүргөн.
Айлакер жигитке,
Алкымым өптүргөн.

Кош эми он сегиз,
Күйүттөн жаш тамган.
Күкүккө жолугуп,
Күндөрүм бош калган.

* * *

Сен өбүшпө аны менен,
Сактап калат ич кекти.
Өбүшкөнүң угуп калсам,
Өрттөп ийем Бишкекти.

Сен өбүшсөң башка менен,
Мен экинчи өппөймүн.
Алас кылып, бутуң баскан,
Бүт дүйнөнү өрттөймүн.



## КҮЙӨӨНҮН ЫРЫ

Тибиртке чыксын тилиңе,
Ушакты буурдап жеген.
Жүрөсүң кыбыр этип,
Жан багып ушак менен.

Сени туурап –
Боортоктоп кантип жылам,
Тилиң уу, денең жылан.
Койнуңа жата албадым,
Мен эми,
Кантип сени катын кылам?!

* * *

Жүрөккө гүл өстүргөм, кирбегиле,
Сагынуу эмне экенин билбегиле.
Салбаарып бара жатса, таш ыргытып,
Сүйүүнүн акынына тийбегиле!

Алдыртан түн түшүрбөй, тарагыла,
Акындын көлөкөсүн аягыла.
Бир жолу, өмүрүндө бир гана ирет,
Акынды аяганга жарагыла.

Сүйүүнүн өртү менен курчаламын,
Сүйүктүү бир пендеге бырчаламын.
От жакса, шамал аны үйлөп жатса,
Ох, кантип? Кантип анан, тынчаламын.

Пакиза, тунук экен, суудан дагы,
Пар келбейт ээрчип жүргөн курбалдары.
Аны же өзүнө деп, сүйүш үчүн,
Адашып жасаганбы кудай дагы?

Менчелик, мынча катуу сүйбөгүлө,
Мөлтүлдөк сүйүү көйнөк кийбегиле.
Махабат ырын тизип, келе берсин,
Сүйүүнүн акынына тийбегиле!

* * *

Жүрөктө жаштык жашайт жалбырттаган,
Жаштыктын күйүт оту таркабаган.
Көңүлдүн түпкүрүнө түшкөнүңдү,
От ичип алган кезде байкабагам.

Гүл элем, үзбөй коюп аядыңбы?
Жаңырат атыңды атап аска дагы.
Сүйгөнүм, сен жок болсоң жер үстүндө,
Жылдыздар жок болушмак асмандагы.

Жанымды чырылдатып тийген токсуң,
Алоолоп, балбылдаган күйгөн отмун.
Сен үчүн азап чегип жүргөнүмдү,
Сездирбей койдум эле билген жоксуң.

Өрт тийип көкүрөгүм күйүп калган,
Көңүлүм чагылгандан сынып калган.



Күндөрдүн үзүктөрү карегиме,
Кадалып чыкпас болуп сиңип калган.

* * *

Чакырып жатат, келгин деп сени,
колбулгап,
Кетесиң эми, кетесиң аны утурлап.
Таң эрте, кечке, жадабай күткөн жүрөгүм,
Колуңда сенин заматта кетти упурап.

Жүрөгүм байкуш, сынды го
түшүп бычырап,
Өмүрүм менин тигиштей болуп сычылат.
Токто деп ыйлап, боздогон менен
күчү жок,
Самтырап сөзүм, көчөдө калып тытылат.

Не болот эми, ушинтип калсам, тирилбей,
Тизмеңен сызып өчүрүп койдуң билинбей.
Эстетип дале жүрөктүн бурчун ээлейсиң,
Ырдалбай жүрүп, эскирип калган Гимндей.

* * *

Күнгө жайган төшөктө уктатамын,
Күн жыттанып магдырап укта жаным.
Күндү көргүн түшүңдө, айды көргүн,
Кызганычтан сүйлөнсөм укпа жаным.

Айдай кызды алкымдан сүйүп көргүн,
Гүлдөй кызды көзүнөн өөп көргүн.
Ширин кызга ширеңди төгүп көргүн,
Төгүп бүтүп, ойгонуп мага келгин.

Чоочун аял баары бир мендей болбойт,
Менден өткөн бактылуу бүлө болбойт.
Күн жыттанып мемиреп укта жаным,
Сенден өткөн дүйнөдө күйөө болбойт.

* * *

Келе жаным, колуңду колума кой,
Акыретте акыркы сүйгөнүм бол.
Башка менен бейиште гүлдөгүчө,
Сени менен тозокто жүргөнүм оң.

Көзүң өткүр, карулуу колуң өткүр,
Пешенеңен жыттайын, келе өптүр.
Эртең башка жан менен жатар болсом,
Анда мени кудайым, бүгүн өлтүр.

Ким бактылуу болбосун сени менен,
Эч ким чыдап жашабайт мени менен.
Басып кетпей кастарлап келатасың,
Билинбеген сыйкырлуу демиң менен.

Ар бир ырым сен үчүн, сен деп билгин,
Менин баркым чачылар сенден кийин.



Айың сөзгө ишенбей көчөдөгү,
Мага келип чындыкты менден билгин.

Бергендеги антыма тура албаймын,
Болгонум бу – күчүм бар ыр арнаймын.
Боздобогун алтыным, кейип-ыйлап,
Мен эч кимди бактылуу кыла албаймын.

* * *

Сумсаям, кумсарам да өңдөн азам,
Сүйгөндүн күйүтүнө жүздөн басам.
Дүйнөнү дүңгүрөткөн ырлар жазбай,
Жүрөктү титиреткен сүйүү жазам.

Кеп угам, акылы улук акылмандан:
«Сак болгун кызым калпыс
жаңылгандан».
Жаңылуум санап бүткүс, эсеби жок,
Жарат күч жүрөк жүзгө жарылгандан.

Кеп угам, акылы кем апендиден:
«Сүйүшүү а дүйнөдө макүрө» деген.
Жашооңду а дүйнөдө урганым жок,
Бу дүйнөң көркү чыгат күнөө менен.

## КАТКА ЖООП

Жарымды жаш деп санааркап жүрсөм,
кой үкөм,
Көздөрүң жаңы төрсөйүп бышкан
бүлдүркөн.
Чекеңен сылап, бара гой десем, колума
Сүйөм деп жазган катыңы салдың
бир бүктөм.

Сүйүшүү жакшы, сүйүүдөн көңүл өчөлек,
Сүйөм деп катты жазганга биз да өч элек.
Кыз кезде чүмүп кыялдын чексиз түбүнө,
Сүйгөнүм жап-жаш, суп-сулуу болсо
дечү элек.

Ал кезең өттү, өттү деш өзү оор экен,
Сүйөм деп турган жигитти сүйбөш
кор экен.
Кол менен бетте бырыштар эле болбосо,
Баягы жүрөк өзгөрбөй дале шол экен.


Таарынба үкө, татыксыз менин жообума,
Таңыркап алба, тагдыры татаал жолума.
Сүйөм деп берген катыңын жообун
атайлап,
Карматкан жокмун пакиза, таза колуңа.



* * *

Учуп чыгып сахнага,
Ыр окуймун булкунуп.
Кол чаптырам шатыратып.
Сыймыктарды күрөп алып,
Жатсам дагы мактальп.

Кайра келип конгон кутум,
Кара тамым. Жаман үстөл.
Калем кармап отурам,
Атагымды унутуп.



**Жарык көргөн китептери:**

1. «Кыял кемеси» 1989-ж.
2. «Көкүрөгүң жыттап алдым билгизбей» 1995-ж.
3. «Сүйүүңдү сүртүп кеттиң жүрөгүмө» 2005-ж.
4. «Селсаяк» 1-чыгарылышы 2007-ж.
5. «Токтогул көлү – көз жашым» 2008-ж.
6. «Бул дүйнө көркү чыгат сүйүү менен» 2010-ж.
7. «Мен сүйүүнүн доктору» 2013-ж.
8. «Көздөгү жалын» 2016-ж.
9. «Билик» 2018-ж.
10. «Ойдун эшиги» 2021-ж.
11. «Селсаяк» 2-жолу толукталып чыгарылышы 2022-ж.



## МАЗМУНУ


ЧАҢДАШКАН ЫР БАРАК....................4
АТЫМДЫ МЕНИН ЧЫГАРДЫҢ, АК СҮЙҮҮ МЕНЕН МАХАБАТ!....................31
ЭКИ САП....................43
ТӨРТ САПТАР....................47
БЕШ САПТАР....................81
АЛТЫ САПТАР....................83
СЕГИЗ САПТАР....................87
АР КАНДАЙ МААНИДЕГИ АРАЛАШ ЫРЛАР....102
ТОКТОГУЛУМ....................126
ЫЙЛА КЫРГЫЗ!....................130
НА-А-М!....................138
АК ЫРЛАРДЫН АГЫШЫ....................148
ПОЭМА....................157
ЭСКИ ЫРДАН БИР АЗ ҮЗҮНДҮ....................167
УЧУП ЧЫГЫП САХНАГА....................177
ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ....................178

**Бурулкан Карагулова** (БУ КАРА)
0703203482

**Жакшы сөздү суурup алам
ЖҮРӨКТӨН**

*Ырлар*

Редактору Жумадин Кадыров
Терген Мурас Нурбек уулу
Сүрөтчүсү Бек Жайчибеков
Калыпка салган *М. Кадыров*

Форматы 70х100$^{1}/_{32}$. Офсеттик басуу.
Офсеттик кагаз. Көлөмү 11,25 б.т.
Нускасы 1000 даана. Заказ № 020.

"Чеч-Дөбө" басмасы.
Бишкек ш. Ростовский көч.,14/1

